# Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 10-11-класстары үчүн

# «Адам жана коом»

## предмети боюнча предметтик стандарт

**Бишкек – 2018**

**Жалпы билим берүү уюмдарынын 10-11-класстары үчүн «Адам жана коом» предметтик стандарты**

**МАЗМУНУ**

**1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР ........ 3**
**1.2. Документтин макамы жана түзүлүшү ........ 3**
**1.2. Жалпы билим берүү уюмдары үчүн негизги ченемдик документтер .. 3**
**1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер ........ 4**

**2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ ........ 5**
**2.1. «Адам жана коом» предметин окутуунун максаттары жана милдеттери ........ 6**
**2.2. Предметтин түзүлүшүнүн методологиясы ........ 7**
**2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр ........ 9**
**2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы ...... 10**
**2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү ........ 12**
**2.6. Предметтер аралык байланыштар. Тематикалык өтмө тилкелер .... 14**

**3-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО ... 16**
**3.1. Күтүлүүчү натыйжалар жана көрсөткүчтөр ........ 16**
**3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары ........ 22**

**4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАРАЯНЫН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР ........ 27**
**4.1. Ресурстук камсыздоого талаптар ........ 27**
**4.2. Шыктандыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү ........ 30**

**«АДАМ ЖАНА КООМ»: ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА 10-11 - КЛАССЫ ҮЧҮН ПРОГРАММА (БАЗАЛЫК ДЕҢГЭЭЛ) ........ 34**

## 1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

### 1.2. Документтин макамы жана түзүлүшү

«Адам жана коом» стандарты Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын, 2014-жылдын 21-июлундагы «Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин Мамлекеттик билим берүүчү стандартын бекитүү жөнүндө» № 403 - Токтомунун негизинде иштелип чыкты жана «Адам жана коом» предмети боюнча окуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн билиминин мазмунуна жана даярдыгынын деңгээлине мамлекеттик милдеттүү минимумга карата талаптарды аныктайт.

«Адам жана коом» предметтик стандарты окутуунун жана тарбиялоонун жардамы менен, «Социалдык» билим берүү тармагынын жалпы максаттарына ылайык, заманбап коомдо конструктивдүү социалдык-саясий жана экономикалык ишмердүүлүккө жөндөмдүү, социалдык жактан өнүккөн инсанды калыптандыруу стратегиясын аныктайт. «Адам жана коом» стандарты окуучуларда гуманистик жана демократиялык баалуулуктардын, конструктивдүү социалдык жигердүүлүктүн жана жарандык маданиятынын калыптануусуна багытталган окуунун практикалык багытын күчөтүүнү көздөйт. «Адам жана коом» предметтик стандарты билимдин мазмунунун милдеттүү минимумун, ошондой эле окуучулардын даярдыгынын деңгээлин аныктайт, окуу программаларын жана окуу китептерин иштеп чыгуу үчүн багыт катары колдонулат, окуу жараянынын мазмунун жана аны камсыздоонун жаңы педагогикалык шарттарын камсыздоону регламенттейт. 10 -11- класстар үчүн «Адам жана коом» курсунун Социалдык билим берүү тармагынын башка предметтерине – «Тарых», «Экономика» жана «Этика» – карата бүтүндүгү жана улантуучулугу бирдиктүү мазмундук тилкелердин аркасы менен камсыздалат.

Бул стандартта сунушталган багыттар, принциптер жана окутууметоддору окуу программасында чагылдырылган, ал окуу материалын өздөштүрүүнүн түзүмдөштүрүү, ыраатуулугу, курстун бөлүмдөрүн жана темаларын окууга берилген окуу сааттарын болжолдуу бөлүштүрүү, практикалык иштердин түрлөрү жана минималдык көлөмү боюнча сунуштарды конкреттештирет.

### 1.2. Жалпы билим берүү уюмдары үчүн негизги ченемдик документтер

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы (2003-жыл);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 Токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билимдин Мамлекеттик билим берүү стандарты;
- Кыргыз Республикасында саясий-маданий жана көп тилдүү билим берүү концепциясы (2008-ж.). Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы «Кыргыз Республикасында билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндө» № 201 токтому.
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2014-жылдын 22-июлундагы № 545/1 буйругу менен бекитилген «Кыргыз

Республикасында 2020-жылга чейин мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо концепциясы».

### 1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

**Баалуулук-багыттоочу компетенттүүлүк** – реалдуу дүйнөгө барктуу мамиле иштеп чыгуу, инсандык максаттарды жана маанилерди аныктоо, аларды өз жашоосунда долбоорлоо жана жүзөгө ашыруу жөндөмдүүлүгү. Бул багытта окуучуда аталган компетенттүүлүк иштеген система, анын түзүмү, маданият, иш-аракеттердин үлгүлөрү, формалдык жана формалдык эмес эрежелер жана күтүүлөр жөнүндө түшүнүгү болуусу; жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды таанууга негизделген жашоо позициясын ээлөөсү *(адамдын жашоосун, анын кадыр-баркын жана укуктарын урматтоо; боорукердик жана кам көрүү; мекенди сүйүү, улуттук тарыхты, маданиятты, тилди жана салттарды урматтоо; адилеттүүлүк жана мыйзамды урматтоо; тең укуктуулук; толеранттуулук; принципиалдуулук жана жарандык чечкиндүүлүк; ак ниеттүүлүк, эмгекти сүйүү, профессионализм; адамдын өмүрүнүн кол тийбестиги, жашоонун саламат образы);* инсандык жана кесиптик ийгиликтүү өнүгүүнүн перспективаларын баамдоосу жана баалоосу зарыл.

**Жарандык маданият** – бул коомдук милдеттерди түшүнүү жана жарандын коомдун пайдасы үчүн ишмердүүлүгү.

**Жарандык-укуктук компетенттүүлүк** – чечилүүчү милдеттерге жана түзүлгөн жагдайларга жарандык-укуктук билимдерин жана маалыматты колдонуу жана ыңгайлаштыруу жөндөмдүүлүгү**.** Ал өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: демократиялык баалуулуктарды жактоо, өзүнүн жарандык жана саясий укуктарын жана милдеттерин, мамлекеттик уюшуунун негиздерин, өзүнүн коомчулугун жана бүтүндөй мамлекетти башкарууда жарандык катышуунун ролун түшүнүү; жеке позициясын түзүү жана коргоо, өзүнүн жасаган иштерин сынчыл баалоо, башка пикирдеги, улуттагы жана маданияттагы адамдарды урматтоо жөндөмү; өзүнүн жарандык укуктарын жана кызыкчылыктарын колдонуу, жактоо жана коргоо, өз алдынча башкаруунун иштерине, коомдоштуктардагы волонтердук иштерге катышуу.

**Көп маданияттуулук** – көп улуттуу коомдун шарттарында адамдын маданий өзгөчөлүгүнүн калыптануусу жана маданий окшоштугун сактап калуу, анын процессинде улуттар аралык баарлашуунун маданияты тарбияланат жана ар кандай улуттардын ортосунда толеранттуу мамиле түзүлөт.

**Массалык коммуникация каражаттары** – (mass media of communication) борборлоштурулган жеткирүүчүлөр маалыматтарды тараткан же бөлүштүргөн ыкмалар жана мекемелер, жана кеңири, ар түрдүү жана географиялык жактан чачыранды аудиториянын символикалык коммуникациясынын башка түрлөрү.

**Медиасабаттуулук** – инсан медиамейкиндикте ийгиликтүү багыт алуусуна мүмкүндүк берген ыктарынын жана амалдарынын жыйындысы: медиабилдирүүлөрдү талдоо, баалоо жана жаратуу; навигацияны сабаттуу жүргүзүү; социалдык реалдуулукту түзүүдө ММКлардын жана жарандык медианын ролун түшүнүү.

**Окутуучу чөйрө** – атайын уюштурулган, окуучуну курчап турган окутуу мейкиндиги, ал эмоционалдык жайлуулукту камсыздоо жолу менен аны окутуу жана өнүктүрүү жараянын, окутуунун кыймылдуу жана өзгөртүү үчүн жеткиликтүү формаларын колдонууну, чыгармачылыкты өбөлгөлөйт. Демек, окутуучу чөйрө окуучулар окулуучу курстун логикасы менен аныкталган компетенцияларга ээ болуусу үчүн зарыл шарт болуп эсептелет.

**Социалдык ой-жүгүртүү** – реалдуу инсандын жашоо позициясына, баалуулуктарына, багыттарына байланыштуу ой-жүгүртүүсү. Өнүккөн социалдык ой-жүгүртүү – көйгөйлөрдөн качпастан, алар менен иштөө адаты; ал инсанды карама-каршылыктуу, өзгөрмө дүйнөдө жашоого жана аракеттенүүгө үйрөтөт.

**Социалдык-экономикалык компетенттүүлүк** – коомдун социалдык-экономикалык жашоосунун жагдайларын, көрүнүштөрүн, фактыларын өз алдынча түшүнүү, адеп-ахлактык-укуктук ченемдердин негизинде конкреттүү жашоо жагдайларына карата өзүнүн жүрүм-турумун ыңгайлаштыруу жөндөмү. Өзүнө төмөнкү компетенцияларды камтыйт: коомдун социалдык жана экономикалык чөйрөлөрүндө өз ара байланыштарды, интеграция жана глобализация, илимий-техникалык прогресс процесстеринин коомдун өнүгүүсүнө тийгизген таасирин түшүнүү; башка адамдар менен продуктивдүү мамилелерди түзүү, стереотиптерди, агрессивдүү улутчулдукту, расизмди жана чыдамсыздыкты жеңип чыгуу, командада иштөө, жаңжалдарды чечүү жөндөмдүүлүгү; жеке, социалдык-экономикалык жана глобалдык жагдайлар менен контекстте өзүнүн иш-аракеттерин жана чечимдерин коомдук ченемдер, социалдык жана экономикалык институттар менен салыштыруу.

**Социалдык жигердүүлүк** – инсандын социумда болуп жаткан көрүнүштөргө көңүл кош карабаган психологиялык сапаты, ал инсандын эмгеги, коммуникациялык, коомдук-саясий жүрүм-туруму менен коштолот. Башкача айтканда – адамдын коомдо жана бүтүндөй дүйнөдө коомдук олуттуу өзгөрүүлөргө багытталган, түшүнүү менен жасалган жана максаттуу ишмердүүлүгү, чыгармачылык, өз алдынча чечимдер, коммуникациялар, биргелешкен иштер менен көрсөтүлөт.

**Талдоо** – объектилерди, көрүнүштөрдү же жараяндарды изилдөө, алардын белгилерин, касиеттерин, курамын, түзүлүшүн, алардын ортосундагы мамилелерди изилдөө.

**Укуктук ой-жүгүртүү** – укук ченемдеринин көз карашынан адамдардын жүйөлөрүн, иш-аракеттерин, жүрүм-турумун баалоо жөндөмү; маселелерди укуктук билимдердин негизинде, укуктук ыкмалардын жардамы менен чечүүнү билүү.

## 2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ

### Жалпы жоболор

Бул стандартта «Адам жана коом» курсунун базалык концепциясынын негизи катары Адам Укуктарынын Эл аралык Хартиясы жана адам укуктары жаатында демократиялык жарандуулукту тарбиялоо жана билим берүү жөнүндө Европа Кеңешинин Хартиясы кабыл алынган (2010-ж), аларга ылайык «Адам жана коом» окуу предмети үчүн конкреттүү, тарыхый негизделген маданиятка жана мамлекеттүүлүккө карата инсандын жана социумдун өз ара аракеттешүүсүнүн маселелерин түшүнүү болуп эсептелет.

Төмөндө бул маселелердин негизги мазмуну келтирилген:

- Индивиддердин социалдык абалы локалдык, аймактык, улуттук жана глобалдык деңгээлде социалдуулукту түшүнүүнүн зарыл шарты катары (демографиялык, этникалык, кесиптик, маданий, улуттук страттарга кошулуу).
- Социалдык институттар жана алардын иштөө механизмдери, аларды билүү социалдык өндүрүшкө (экономикалык, саясий, маданий) конструктивдүү катышуунун ыкмаларын калыптандыруунун негизи болуп эсептелет.
- Инсандын жана социалдык чөйрөнүн өз ишмердүүлүгүнүн мүнөзүндөгү айырмачылыктардан улам алар ар кандай маданий ландшафттарды түзгөнүн түшүнүүсүнө алып келген өз ара аракеттешүүсү. Бир жагынан алар айлана - чөйрөнүн физикалык мүнөздөмөлөрүнүн таасирин алдында турушат, бирок, экинчи жагынан алар аны гармониянын ландшафтын жана каршылашуунун ландшафтын камтыган маданий чөйрөгө айландырышат.
- Демократиялык жарандуулук жана адам укуктары, аларды билүү окуучуларда демократиялык укуктарды жана жоопкерчиликти жүргүзүү жана коргоо боюнча багыттардын жана ык-амалдардын, демократияны жана укук үстөмдүүлүгүн илгерилетүү жана коргоо максатында коомдук-саясий жашоодогу жигердүүлүктүн калыптануусуна өбөлгө түзөт.

«Адам жана коом» предмети үчүн зордук-зомбулуктун, расизмдин, экстремизмдин, ксенофобиянын, дискриминациянын жана чыдамсыздыктын өсүшүнөн коргоо механизминин негизи, ошондой эле социалдык адилеттүүлүк жана социалдык биримдик үчүн негиз болуп эсептелген көп түрдүүлүктүн, мультикультурализмдин, толеранттуулуктун баалуулуктары окуучуларда калыптануусу өзүнчө маанилүү жана концептуалдуу болуп саналат.

## 2.1. «Адам жана коом» предметин окутуунун максаттары жана милдеттери

**«Адам жана коом» окуу предметинин максаты** - саясий-укуктук, экономикалык жана маданий көрүнүштөр жана жараяндар жөнүндө билимдердин, жарандык (жаран таанууучулук) компетенциялардын топтомуна ээ болуунун, социумга жана инсанга карата калыптанган адеп-ахлактык-баалоо мамилесинин негизинде азыркы коомдо ыңгайлашууга жана натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү инсанды калыптандыруу болуп саналат.

**«Адам жана коом» предметин окутуунун милдеттери**

***Когнитивдик милдеттер:***

- Коом таануу терминологиясын жана түшүнүк аппаратын колдоно алат.
- Коомдук жашоону уюштуруунун жана өнүктүрүүнүн закон ченемдүүлүктөрүнүн мүнөзүн, жана азыркы замандагы глобалдык көйгөйлөрдүн табиятын түшүнөт.
- Гендердик ролдорду калыптандырууда тарыхый өзгөрүүлөрдү жана социалдык - саясий факторлорду түшүнүүсүн камтуу менен, табигый жана социалдык өз ара иштешүүнүн принциптерин түшүнөт, социалдык мейкиндиктин (ноосфера)

жана социалдык убакыттын түзүлүшүнүн жана ишинин өзгөчөлүктөрүнө багыт ала алат.

- Локалдык, аймактык жана глобалдык коомчулуктардын деңгээлинде социалдык көп түрдүүлүккө багыт ала алат.
- Кыргызстандын экономикалык, укуктук жана саясий түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүн түшүнөт, Кыргызстандын коомунун эволюциясынын негизинде жаткан себеп-натыйжалаш байланыштарды аныктай алат, ошондой эле бүтүндөй планетадагы бардык социалдык жараяндардын глобалдык өз ара көз карандылыгын баамдай алат.

***Ишмердүүлүк милдеттер:***

- Практикалык ишмердүүлүгүндө тексттик, сандык жана символикалык маалыматтарды (тексттерди, сүрөттөрдү, графикаларды, таблицаларды, диаграммаларды, карталарды ж.б.) колдонот.
- Реалдуу изилдөөлөрдү тажрыйбасын өткөрө алат (байкоо жүргүзүү, сурамжылоо, моделдөө, маалыматтардын ар кандай экинчи булактарын жана статистикалык маалыматтарды түшүндүрүү).
- Жашоодогу олуттуу жагдайларда, ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүндө: таанып-билүү, эмгек, тиричилик, маданий, коммуникация чөйрөсүндө типтүү маселелерди чечүү үчүн практикалык жана коомдук ишмердүүлүк көндүмдөрүн пайдаланат.

***Баалуулук милдеттер:***

- Социалдык шарттарга жана социалдык көрүнүштөрдүн көп түрдүүлүгүнө кызыгууну көрсөтөт.
- Жашоону жана кесипти өз алдынча аныктоого жана жеке дараметин ишке ашырууга кызыгат жана ал жөндөмдөрүн өнүктүрөт.
- Чечим кабыл алууда курчап турган дүйнө жөнүндө билимдердин маанилүүлүгүн түшүнөт.
- Жеке, коомдук жана кесиптик ишмердүүлүгүндө билимдерин жана көндүмдөрүн адекваттуу жана максатка ылайык колдонууга даяр.
- Практикада башка расалардын, диндердин, элдердин жана маданияттардын өкүлдөрүнө карата толеранттуулукту көрсөтөт.
- Гендердик тең укуктуулуктун баалуулугун тааныйт жана коргойт.
- Ар бир адамдын, коомдук топтордун жана өлкөлөрдүн бири-бирине карата укуктарын гана эмес, милдеттерин да түшүнөт.
- Гуманистик жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды карманганын көрсөтөт.

## 2.2. Предметтин түзүлүшүнүн методологиясы

10-11-класстар үчүн «Адам жана коом» курсу боюнча предметтик стандарт мазмунун иштеп чыгуудагы жалпы илимий багыттарга жана жалпы дидактикалык (илимий,

көрсөтмөлүүлүк, максаттуулук, системалык, аң-сезимдүүлүк жана активдүүлүк, жеткиликтүүлүк жана ырааттуулук) жана предметтик (гуманизация, плюрализация, демократиялуулук, практикага багытталгандык, социалдык жигердүүлүк) принциптерине негизделет жана алар коом таануу билим берүү максаттарына жетишүүгө мүмкүндүк берет.

«Адам жана коом» мектеп курсунун концепциясындагы бүтүндүк идеясына көбүрөөк деңгээлде жооп берген **негиз салуучу багыттардын** ичинен төмөнкүлөр бөлүнүп көрсөтүлөт:

***Тарыхый-диалектикалык багыт***, коомду жана инсанды тарыхый өнүгүүнүн диалектикалык өз ара байланышта (коомдук адам жана адамдык коом) болгон өнүмдөрү катары түшүнөт. Бул багытта көңүл борборунда, коомдук мамилелердин системасында жайгашкан адам турат.

***Системалык багыт***, анын алкагында коомго жана инсанга карата бирдиктүү көз караш калыптанат, социумдун бардык элементтеринин жана социалдык жараяндардын өз ара байланышы жана өз ара көз карандылыгы, ошондой эле көп тараптуу жана гармониялуу өнүккөн инсандын ички дүйнөсүнүн бүтүндүгү тууралуу түшүнүк калыптанат.

***Түзүмдүк-функционалдык багыт,*** коомдун түзүлүштүк элементтерин жана анын система алдындагыларды изилдөөгө, коомдогу социалдык ролдорду жана жеке укуктарды жана милдеттерди жүзөгө ашыруудагы көйгөйлөрдү түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

***Проблемалык-аналитикалык багыт,*** анын алкагында коомдук жашоодогу олуттуу окуяларга карата окуучулардын жигердүү турмуштук көз карашы, социалдык жоопкерчилик тууралуу түшүнүүсү калыптанат, ошондой эле өзүнүн жеке социалдык тажрыйбасына ээ болуусу жана аны баамдоосу актуалдаштырылат.

***Укуктук багыт*** окуучулардын туура укуктук аң-сезимин калыптандырууга жана жигердүү укуктарды колдонууга (өздүк укуктарын ишке ашыруу, социалдык катышуунун конгениалдуулугу, укук тартибин камсыздоого жардам) эскертүүлөрдү иштеп чыгууга багытталган.

***Маданияттык багыт***, мында коомдук жашоонун бардык чөйрөлөрүндө жамааттык жана жекече өз ара аракеттешүүлөрдүн негизин түзгөн, ошондой эле инсандын жана коомдун өз ара аракеттешүүсүнүн мүнөзүн аныктаган социалдык көрүнүш катары маданияттын феноменине басым жасалат.

***Компетенттүүлүк багыт*** көңүлүн коом таануучулук (жарандык) компетенцияларды калыптандырууга топтойт, б.а. окуучулар өздөштүргөн билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн, ишмердүүлүктүн ыкмаларын реалдуу социалдык-саясий жашоодо маанилүү жагдайларда практикалык маселелерди чечүү үчүн колдонууга даярдыгы.

«Адам жана коом» курсун окуудагы негиз салуучу принцип болуп ***концентрациялык принцип*** эсептелет, ал мазмундук тилкелерди төмөнкүдөй концептуалдык тартипте ачып көрсөтүүнү болжойт: ***Жеке*** (окуучу өзү, жакын чөйрөсү, үй-бүлөсү), ***Коомдук*** (окуу жамааты, жергиликтүү коом, мамлекет), ***Глобалдык*** (аймак, эл аралык уюмдар жана институттар, адамзат). Принцип социалдык чындыкты таанып-билүүнүн айланасын бара-бара кеңейтүүнү, социалдык жараяндарга жана социалдык маселелерге кызыгууну арттырууну, билимди жөнөкөйдөн илимий-теориялык деңгээлге чейин татаалдатууну болжойт.

**Адам жана коом» предметиндеги негизги принциптер**

***Гуманизация*** – адамдарга урмат менен мамиле жасоону тарбиялоо, инсандын жеке баалуулугун жана жеке дараметин ишке ашыруу укугун таануу, расалык, этникалык же социалдык баалуулуктардын алдында жалпы адамзаттык баалуулуктардын артыкчылыгын таануу.

***Плюрализация*** – социалдык айырмачылыктарга (пикирлерге, баалуулуктарга, салттарга, ишенимдерге) карата чыдамдуу мамилени тарбиялоо, көптүккө жана көп түрдүүлүккө оң мамилени калыптандыруу, чыр-чатактарды конструктивдүү чечүү көндүмдөрүн өнүктүрүү.

***Демократиялуулук*** – баарлашууда жана социалдык өз ара аракеттешүүдө жөнөкөй жана жеткиликтүү болуу жөндөмүн калыптандыруу, адамдарга карата текебердик мамиленин жоктугу.

***Практикага багытталуу*** – жеке жигердүү жашоо көз карашын (коллективде жана мамлекетте конструктивдүү социалдык өз ара аракеттенүүнү түзө билүү, социалдык маанилүү чечимдерди кабыл алуу көндүмү, моралдык талаптарга жана укуктук ченемдерге ылайык өзүнүн жарандык жигердүүлүк билгичтигин көрсөтүү) калыптандыруу жана артикуляциялоо үчүн инсанга керек болгон практикалык билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өнүктүрүү.

***Социалдык жигердүүлүк*** – коомдун жана мамлекеттин алдында турган милдеттерди чечүүгө карата инсандын баамдалган багыттарын калыптандыруу, демилге көрсөтүү; жарандык коомду өзгөртүүгө жана өнүктүрүүгө багытталган ишмердүүлүк көндүмдөрүн өнүктүрүү.

## 2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр

«Адам жана коом» предметинин максаттарына жана милдеттерине ылайык үч предметтик компетенттүүлүк көрсөтүлгөн: *жарандык-укуктук, социалдык-экономикалык, баалуулук-багыттык.*

**Жарандык-укуктук** – чечилүүчү милдеттерге жана түзүлгөн жагдайларга жарандык-укуктук билимдерин жана көндүмдөрүн колдонуу жана ыңгайлаштыруу, өзүнүн жарандык позициясын ээлөө жана жактоо, өзүнүн жарандык демилгелерин жүзөгө ашыруу, укук тартибин сактоого көмөктөшүү жөндөмдүүлүгү.

**Социалдык-экономикалык** – коомдун социалдык-экономикалык жашоосуна байланыштуу жагдайларды, көрүнүштөрдү, маалыматтарды өз алдынча баамдоо, өзүнүн жүрүм-турумун жашоонун конкреттүү жагдайларына ылайыкташтыруу, экономикалык максатка ылайыктуулуктун, укуктук логиканын, эстетикалык ченемдердин негизинде чечимдерди кабыл алуу, командалык иштин алкагында коюлган максаттарды натыйжалуу чечүү жана көйгөйлөрдөн чыгуунун жолун табуу жөндөмдүүлүгү.

**Баалуулук-багыттык** – реалдуу дүйнөгө баалуулук катары мамиле жасоо, жеке максаттарды жана маанилерди аныктоо, өзүнүн жеке жашоосунда аларды долбоорлоо жана ишке ашыруу, өзүнүн жеке максаттарын жана умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен айкалыштыра билүү, алынган маалыматты сынчыл баамдоо жөндөмдүүлүгүн иштеп чыгаруу жөндөмдүүлүгү.

## 2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы

Кыргыз Республикасынын орто жалпы билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты төмөнкү үч компетенттүлүктү негизги катары карайт: *маалыматтык, социалдык-коммуникациялык, «Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү»*.

**Маалыматтык компетенттүүлүк** – керектүү маалыматты чогултуу, аны менен иштөө, сактоо жана пайдаланууну ишке ашыруу. Окуучулар маалымат менен иштөө маданиятын өздөштүрүшөт: жетпеген маалыматты максатуу издеп, кээ бир үзүндүлөрдү салыштырышат, жалпылаган талдоо жана гипотеза түзүү көндүмдөрүнө ээ болушат. Жалпы мазмундан негизги ойду бөлө алат. Айлана - чөйрө менен өз ара аракеттешүүнүн ар кандай куралдарын пайдалануу жөндөмдүүлүгү

**Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк** – өз умтулууларын социалдык топтун жана башка адамдардын кызыкчылыктары менен айкалыштырууга, башка адамдардын ар түрдүү көз караштарын таануунун жана баалуулуктарына (диний, этникалык, кесиптик, инсандык) сый мамиленин негизинде өз көз карашын маданияттуу далилдөөгө даярдык. Керектүү маалыматты маектешүү (диалог) аркылуу алуу, аны социалдык, кесиптик, инсандык көйгөйлөрүн чечүү үчүн оозеки, жазуу түрүндө берүү даярдыгы. Маселелерди чечүү үчүн башка адамдардын жана социалдык институттардын ресурстарын пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет.

Окуучулар сүйлөшүүнүн (коммуникациянын) диалогдук формасын билишет, өз көз карашын далилдүү айта алышат; жанындагы адамды түшүнүшөт, угушат, өзүнүн оюнан айырмаланган көз карашка толеранттуу мамиле жасашат. Башка адамдар менен өз ара аракеттешүү жөндөмдүүлүгү.

**«Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү» компетенттүүлүгү** – маалыматта, окуу жана турмуштук кырдаалдарда ар түрдүү ыкмаларды пайдалануу менен өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүүдө карама-каршылыкты табуу, ошондой эле кийинки аракеттер жөнүндө чечимдерди кабыл алуу даярдыгы. Окуучулар өзүнүн көз карашын ар түрдүү ойлорду эске алуу менен иретке келтиришет, чыр-чатактарды чече алышат. Адамдын өз жашоосун пландаштыруу, башкаруу жана өз алдынча аракеттенүү жөндөмдүүлүгү.

Предметтик компетенциялар негизги компетенциялар менен тыгыз байланышта, «Адам жана коом» курсунун алкагында аларды өнүктүрүү жана терендетүү менен (1-таблица).

**10-11-класстар үчүн «Адам жана коом» предметинин негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрүнүн байланышы**

**1-таблица**

| Негизги компетенттүүлүктөр | Предметтик компетенттүүлүктөр | | |
|---|---|---|---|
| | **Жарандык-укуктук** | **Социалдык-экономикалык** | **Баалуулук-багыттык** |
| **Маалыматтык** /Социалдык чөйрө менен өз ара | Ар кандай жагдайларда эсептеп чыгаруу | Жагдайларга жана маселелерге карата экономикалык, | Маалымат булактарынын сапатын, маалымат |

| Негизги компетенттүүлүктөр | Предметтик компетенттүүлүктөр | | |
|---|---|---|---|
| | **Жарандык-укуктук** | **Социалдык-экономикалык** | **Баалуулук-багыттык** |
| аракеттешүүнүн ар кандай куралдарын колдонуу жөндөмдүүлүгү/ | жана тил боюнча билимдерин натыйжалуу колдоно алат, анын ичинде терминологияны, саясий лексиконду, ошондой эле божомолдоо жана моделдөө ыкмаларын. Өзүнүн медиатексттерин түзүү ыкмаларына ээ, коомдук-саясий маалыматты түзүмдөштүрүүнү жана системалаштырууну билет, өзүнүн жарандык жана саясий укуктарын жана милдеттерин, мамлекетти башкарууда жарандык катышуунун ролун талдай алат. | социологиялык жана политологиялык билимдерин колдонот жана ыңгайлаштырат, ошондой эле так маалыматты жалган маалыматтан айырмалай билет, социалдык ишмердүүлүктү пландаштырат жана жүргүзүү үчүн зарыл маалыматты издөө ыкмаларына ээ.<br>Коомдун социалдык жана экономикалык чөйрөлөрүндө өз ара байланыштарды, коомдун өнүгүүсүнө интеграция жана глобалдаштыруу, илимий-техникалык прогресс процесстеринин таасирин талдай алат. | берүүдө колдонулган тилдин сапатын, сунушталган дайындардын жана интерпретациялард ын тууралыгын баалайт.<br>Өзү жашаган коомго, анын түзүлүшүнө, маданиятына, формалдуу жана формалдуу эмес эрежелерге жана тилектерге карата жеке көз карашка ээ. |
| **Социалдык-коммуникациялык** /Башка адамдар менен өз ара аракеттешүү жөндөмдүүлүгү/ | Өзүнүн жарандык позициясын билдирет, эмоцияларын натыйжалуу башкарат, сүйлөшүүлөрдү ийгиликтүү жүргүзүүнүн ыкмаларын көрсөтөт, өзүнүн жасаган иштерин сынчыл баалайт. | Адашкан ой-пикирлерди жеңүүнүн негизинде башка адамдар менен натыйжалуу мамилелерди түзөт, командада конструктивдүү иштейт, жеке кызыкчылыктардын жана коомдук пайданын ортосунда компромисс табат. Авторлоштукта медиабилдирүүлөрд ү жаратат. тажрыйбасын көрсөтөт. | Жалпы адамзаттык баалуулуктарды таанууга негизделген жигердүү жашоо позициясын ээлейт, маданияттар ортосундагы толеранттуулукту көрсөтөт (башка пикирдеги, улуттагы, ишенимдеги жана маданияттагы адамдарды урматтоо). Медиамейкиндикте этиканы сактайт. |
| **Өз алдынча уюштуруу жана** | Өзүнүн жарандык укуктарын билүү | Окууда жана жашоодо келип | Инсандык жана кесиптик |

| Негизги компетенттүүлүктөр | Предметтик компетенттүүлүктөр | | |
|---|---|---|---|
| | **Жарандык-укуктук** | **Социалдык-экономикалык** | **Баалуулук-багыттык** |
| **маселелерди чечүү** /Адамдын өз жашоосун пландаштыруу, башкаруу жана өз алдынча иш-аракет жасоо жөндөмдүүлүгү/ | жана аларды колдонот, узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү жашоо пландарын курат, өз алдынча башкаруунун ишмердүүлүгүнө, коомдоштуктарда волонтердук иштерге катышат. | чыккан жагдайларды чечүү үчүн жеткиликтүү ресурстарды колдоно билет. Жеке, социалдык-экономикалык жана глобалдык жагдайлардын контекстинде өзүнүн иш-аракеттерин жана чечимдерин коомдук ченемдер, социалдык жана экономикалык институттар менен шайкеш келтирет. | ийгиликтүү өнүгүүнүн перспективаларын түшүнөт жана баалайт, инсандык ийгиликтүү өсүш үчүн жеке чечимдерди кабыл алууга даярдыгын жана билимин көрсөтөт. |

## 2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү

Мазмундук тилкелер предметтин негизги компоненттерин аныктайт, анын мазмунунун, негизги түшүнүктөрүнүн бардык бөлүмдөр жана темалар аркылуу өтүүчү өзөгү болуп саналат. 10-11-класстар үчүн **«Адам жана коом»** предметинин мазмундук тилкелери төмөнкүлөр:

- Инсан социалдык мейкиндикте жана социалдык убакытта.
- Маданияттын көп түрдүүлүгү.
- Экономикалык-саясий өнүгүү.

**1-мазумундук тилке. Инсан социалдык мейкиндикте жана социалдык убакытта**

Бул өтмө тилкенин мазмуну, биринчи кезекте, окуучуларды социалдык мейкиндикте жана социалдык убакытта багыт алуу жана аракеттенүү көндүмдөрүнө үйрөтүүнү көздөйт, маселен, коомдук функцияларды системалык түрдө аткарууга, символикалык капитал (кадыр-барк, урмат, билим) топтоо, долбоордук ишмердүүлүк, «жергиликтүү коомдоштуктун» жашоосуна ыктыярдуу катышуу, тарыхый калыптанган гендердик ролдордун жана эмгектин гендердик бөлүштүрүсүн эске алуу менен кесип тандоо. Ошондой эле окуучулар коомдогу мейкиндиктик-убакыттык өз ара байланыштар, социалдык түзүм, социалдык көрүнүштөрдүн, жараяндардын жана мыйзам ченемдүүлүктөрдүн таркалышы, коомдун жана инсандын экономикалык, маданий жашоосуна таасирин тийгизген тарыхый окуялар туурасында түшүнүк алышат.

**2-мазумундук тилке. Маданияттын көп түрдүүлүгү**

Бул мазмундук тилке окуучулар коомдун жашоосунда маданияттын маанисин анын ар түрдүү аспектилерде көрүнүшүн: коомдун өнүгүүсүндө илимдин жана технологиялардын мааниси; руханий баалуулуктарды жана моралдык ченемдерди жаратуу; инсандын өнүгүүсүнө жана коомдук жараянга кооздуктун таасирин түшүнүүсүн камсыздайт. Ошондой эле бул мазмундук тилке Кыргызстандын жана бүтүндөй Дүйнөнүн улуттук, этникалык, диний көп түрдүүлүгү, жалпы адамзаттык баалуулуктар жана маданияттардын плюрализми жөнүндө түшүнүгүн калыптандырууга багытталган.

**3-мазумундук тилке. Экономикалык-саясий өнүгүү**

Бул мазмундук тилкенин максаты окуучуларга саясий, экономикалык, укуктук жана демографиялык жараяндар коомдун жана инсандын өнүгүүсүнө ошондой эле түзүлүштүк теңсиздиктин пайда болуусуна кандай таасир тийгизерин көрсөтүү; окуучуларга саясий, экономикалык жана социалдык көйгөйлөрдүн пайда болуу себептерин жана механизмдерин, аларды чечүү жана чыр-чатактарды токтотуу, социалдык - экономикалык көйгөйлөрдүн гендердик аспектилери жана алардын саясий маанисин камтуу менен талдай билүүгө жардам берүү; окуучуларда бюджетти пландаштыруу, каржылык тобокелдерди аныктоо, рационалдуу жана экологиялык керектөө көндүмдөрүн калыптандыруу болуп эсептелет.

Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү 2-таблицада көрсөтүлгөн.

**Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү**

**2-таблица**

| Мазмундук тилкелер | 10-класс | 11-класс |
|---|---|---|
| **Инсан социалдык мейкиндикте жана социалдык убакытта** | Адам, индивид, жекечелик.<br>Адамдын керектөөлөрү жана мүмкүнчүлүктөрү.<br>Адамдын дүйнөнү жана өзүн таануусу.<br>Социалдык түзүлүш, коомдук адам (үй-бүлө, класс, этнос, улут, муун).<br>Инсандын социалдык макамы жана социалдашуусу. | Өзү өзү баалоо, инсандын кесипти өзү тандоосу.<br>Социалдык айырмачылыктар жана социалдык чыр - чатактар.<br>Заманбап коомдогу үй-бүлө.<br>Этникалык жалпылыктар, заманбап экстремизм жана терроризм, тынчтыкты куруунун көйгөйлөрү. |
| **Маданияттын көп түрдүүлүгү** | Инсандар аралык мамилелер.<br>Баарлашуу жана натыйжалуу жүрүм-турум.<br>Социалдык ченемдер, туура эмес жүрүм-турум, коомдогу социалдык көзөмөл.<br>Кыргызстандагы социалдык көзөмөл механизмдери.<br>Коомдун маданияты жана анын бөлүктөрү: мораль, баалуулуктар, субмаданияттар жана контрмаданияттар, жаштар субмаданияттары. | Адамдык жана жеке наркы, жашоо баалуулуктары.<br>Дүйнөдөгү диний көп түрдүүлүк.<br>Кыргызстандагы диний жагдай.<br>Илим, билим берүү, искусство.<br>Илимий-техникалык прогресс, ИТР, компьютердик революция.<br>Дүйнөнүн цивилизациялык көп түрдүүлүгү жана маданияттар арасындагы толеранттуулук. |

| Мазмундук тилкелер | 10-класс | 11-класс |
|---|---|---|
| | Кыргызстандын коомунун маданиятынын өзгөчөлүктөрү.<br>Жалпы адамзаттык баалуулуктар жана адам укуктары. | |
| **Экономикалык-саясий өнүгүү** | Экономикалык жыргалдарды өндүрүү жана керектөө («жашыл» өндүрүш жана керектөө).<br>Каржылык сабаттуулук.<br>Керектөөчүнүн экономикасы: үй-бүлөлүк бюджет, үнөмдөлгөн акча, камсыздандыруу.<br>Мамлекет жана экономика.<br>Кыргыз Республикасынын Конституциясы.<br>Жаран, анын укуктары (жарандык, экономикалык, ишеним эркиндиги, социалдык, саясий, маданий) жана милдеттери.<br>Мамлекет жана жарандык коом.<br>Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана Кыргызстанда өзүн-өзү уюштуруунун өзгөчө түрлөрү (жамааттар, трайбалар, ашар, курултай, махалля.)<br>Коомдук өнүгүүнүн көйгөйлөрү.<br>Укук ченемдүү жүрүм-турум жана юридикалык жоопкерчилик. | Экономикалык туруксуздук.<br>Инфляция жана жумушсуздук.<br>Кыргызстанда жакырчылык жана миграция көйгөйлөрү.<br>Салыктар, мамлекеттик бюджет, бюджеттик саясат, акча саясаты.<br>Саясий система, бийлик, демократия жана аны жүзөгө ашыруунун түрлөрү (демократиялык шайлоо, саясий партиялар).<br>Коррупция.<br>Медиа-сабаттуулук жана маалыматтык коопсуздук.<br>Дүйнөлүк экономика жана интеграция.<br>Эл аралык укук. Адамдын жана жарандын укуктарын жүзөгө ашыруу маселелери.<br>Азыркы замандын глобалдык көйгөйлөрү.<br>Коомдун туруктуу өнүгүүсү. |

## 2.6. Предметтер аралык байланыштар. Тематикалык өтмө тилкелер

Предмет аралык байланыштар – бул тектеш предметтердин окуу материалынын түзүлүшүнө жана тандоого таасир тийгизген окутуу принциби, окуучулардын билимдеринин системалуулугун күчөтүү менен окутуу методдорун активдештирет, окуу жараянында компетенттүүлүк багытты ишке ашырууну камсыздоо менен окутууну уюштуруунун ар кандай формаларын колдонууга багыт берет. 10-11-класстар үчүн «Адам жана коом» курсунда предметтер аралык байланыштардын өз ара жакын жактары жана жалпы категориялары 3-таблицада чагылдырылган.

**10-11-класстар үчүн «Адам жана коом» предметиндеги предметтер аралык байланыштар.**

**3-таблица.**

| Предметтер | Өз ара байланыш жааттары жана жалпы категориялар |
|---|---|
| **Дүйнөлүк тарых** | **Адамзат коомунун калыптануусунун тарыхы.**<br>Чыгышта жана Европада мамлекеттердин түптөлүшү.<br>Чыгыштын жана Европанын өлкөлөрүндөгү диндер.<br>Борборлоштурулган мамлекеттердин түптөлүшү.<br>Демократиялык мамлекеттердин түптөлүшү.<br>Саясий партиялардын келип чыгышы жана мамлекеттеги саясатка алардын таасири.<br>**Орто кылымдын тарыхы. Дүйнөлүк диндер.**<br>Диний ишенимдердин өзгөчөлүктөрү.<br>Христиандыктын, буддизмдин, исламдын келип чыгышы жана таркалышы.<br>Чиркөөлүк уюм.<br>**Соңку тарых**<br>Индустриалдык доордогу социалдык топтор жана социалдык мамилелер. Индустриалдык коом.<br>Коомдук мамилелердин системасында коомдун түзүмү.<br>Өлкөлөрдүн аймактардын өнүгүүсүнүн, географиялык ачылыштардын жана изилдөөлөрдүн тарыхый-маданий аспектилери.<br>Глобалдык көйгөйлөр. |
| **Кыргызстан тарыхы** | Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшү жана саясий жигердүүлүк. Мамлекеттин символдору.<br>Коомдук жашоодогу социалдык көйгөйлөр.<br>90-жылдардагы улуттар аралык кагылышуулар.<br>Кыргызстандагы реформалар. Жаңы Конституцияны кабыл алуу.<br>90-жылдардагы Кыргызстандагы саясий система.<br>Кыргызстан эл аралык коомдоштукта.<br>Кыргызстандын тышкы саясаты. |
| **Кыргыз адабияты жана дүйнөлүк адабият, тилдер** | Турмушту эстетикалык жактан баалоонун критерийлери.<br>Геомаданий мейкиндик.<br>Адабият жана музыка булактары.<br>Көркөм-географиялык сүрөттөөлөр.<br>Образдык кабыл алуу, элестетүү.<br>Бардык маалыматтардын мейкиндиктик интерпретациясы.<br>Универсалдуу категориялар жана баалуулуктар (жакшы, башка маданияттарды урматтоо, сүйүү, адилеттүүлүк, толеранттуулук ж.б.). Эстетикалык тарбия.<br>Гуманистикалык жана культурологиялык негиз.<br>ЮНЕСКОнун Адамзаттын бүткүл дүйнөлүк табигый жана маданий мурастарынын объектилери. |
| **Метематика** | Иш-аракеттер-ишмердүүлүк чөйрөсү:<br>- функцияларды, тике жана тескери пропорционалдык көзкарандылыктарды, алардын графиктерин, вектордук чоңдуктарды ж.б. колдонуу.<br>- эсептөөчү-эсептеп чыгаруучу, өлчөөчү, сүрөт тартуучу-графикалык ишмердүүлүк. |

| Предметтер | Өз ара байланыш жааттары жана жалпы категориялар |
|---|---|
| | - моделдөө. |
| **Биология** | Адамдын эволюциясы |
| **География** | Өлкөлөрдүн көп түрдүүлүгү.<br>Дүйнөнүн саясий картасы.<br>Дүйнө өлкөлөрүнүн мамлекеттик түзүлүшү.<br>ЮНЕСКОнун Адамзаттын бүткүл дүйнөлүк табигый жана маданий мурастарынын объектилери.<br>Дүйнөлүк жаратылыш ресурстары.<br>Калктын жайгашуусу.<br>Дүйнөлүк чарбанын тармактарынын жайгашуусу.<br>Геомаалыматтык технологиялар.<br>Жогорку, калдыксыз, энергияны үнөмдөөчү технологиялар.<br>Жаратылыштын жана коомдун өз ара иштешүүсү.<br>Жаратылышты пайдалануу.<br>Айлана чөйрөнү булгоо. |
| **Этика** | Кылымдар аралыгында этика кандайча өзгөргөн? Этикалык маданият. |
| **Информатика** | Компьютердик технологияларды жана мультимедияларды колдонуу:<br>- көрсөтмө куралдарды көрсөтүү;<br>- маалыматтык окутуу;<br>- презентацияларды даярдоо;<br>- «Адам жана коом» курсу боюнча окуучулардын өз алдынча ишин уюштуруу;<br>- окуучулардын билимин текшерүү. |

# 3-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО

## 3.1. Күтүлүүчү натыйжалар жана көрсөткүчтөр

Окуп-үйрөнүүнүн натыйжалары билим берүүнүн сапатынын негизги чен-өлчөмдөрү (критерийлери) болуп саналат. Окуучулар жылдын аягында жетишкен натыйжалары жана натыйжаларды текшерүү үчүн көрсөткүчтөр 4 - жана 5-таблицаларда көрсөтүлгөн. Ар бир натыйжага карата көрсөткүчтөр жазылган, алар натыйжаларды кантип текшерүү керектиги тууралуу сунуш-көрсөтмөлөр болуп саналат. Документте келтирилген көрсөткүчтөрдүн бардыгын дароо колдонуу талап кылынбайт, мугалим зарыл деп эсептегендерди гана колдонууга болот.

**Стандартта көрсөтүлгөн индекстер**

Стандарттын натыйжаларынын индекси бар. Индекс класс, мазмундук тилкелер, компетенттүүлүк жана натыйжанын номуру тууралуу маалыматты камтыйт.

Натыйжалардын таблицаларында белгилөөлөрдүн идентификатору:

1 цифрасы – класс (X, XI)

2 цифрасы – мазмундук тилке: 1. Инсан социалдык мейкиндикте жана социалдык убакытта; 2 Маданияттын көп түрдүүлүгү; 3. Экономикалык-саясий өнүгүү

3 цифрасы – компетенттүүлүк: А) Жарандык-укуктук; Б) Социалдык-экономикалык; В) Баалуулук-багытталган

4 цифрасы – натыйжа

Мисалы: **X.1.Б.2.** (белгиленген)

1 цифрасы – класс (**X**, XI)

2 цифрасы – тематикалык (мазмундуу) тилке: **1. Инсан социалдык мейкиндикте жана социалдык убакытта;** 2. Маданияттын көп түрдүүлүгү; 3. Саясий-экономикалык өнүгүү

3 цифрасы – компетенттүүлүк: А) Жарандык-укуктук; Б) **Социалдык-экономикалык;** В) Баалуулук-багытталган

4 цифрасы – натыйжа: **2. Социалдаштыруу процессинин инсандын өнүгүүсүнө таасирин баалайт**

## Натыйжалар жана көрсөткүчтөр
## «Адам жана коом» (10-класс)

**4-таблица**

| **Компетенттүүлүктөр** | | |
|---|---|---|
| **А) Жарандык-укуктук** | **Б) Социалдык-экономикалык** | **В) Баалуулук-багыттык** |
| **1. Инсан социалдык мейкиндикте жана социалдык убакытта** | | |
| **X.1.А.1. Коммуникациялык жана маалыматтык алмашуу жараяндарында келип чыккан коркунучтарды түшүнөт**<br><br>• Заманбап маалыматтык коомдун өнүгүүсүндө маалыматтын маңызын жана маанисин түшүндүрөт.<br>• Жарандык баалуулуктарды түшүнүү жана кабыл алуу үчүн жарандык-укуктук ченемдер маалыматын табат жана талдайт.<br>• ММКларда жана Интернетте таркалган маалыматта жана рекламада карама-каршылыктарды | **X.1.Б.2. Социалдаштыруу процессинин инсандын өнүгүүсүнө таасирин баалайт**<br><br>• Коомдо адамдардын жүрүм-туруму кандай болушу керектиги тууралысында ой жүгүртөт.<br>• Адамдардын өнүгүүсүнө жана жүрүм-турумуна социалдык жана биологиялык факторлордун таасирин конкреттүү мисалдар менен көрсөтөт.<br>• Үй-бүлө, этнос, улут, муун, жаштар топтору адамдардын өнүгүүсүнө жана жүрүм-турумуна кандай таасир этерин талдайт.<br>• үй-бүлөдө жана | **X.1.В.3. Адамдардын билим алууга жана өзүн таанууга умтулуусун алардын жашоодогу ийгилиги менен салыштырат**<br><br>• Өзүнө жана башкаларга мүнөздөмө берет.<br>• Өзүнүн кызыкчылыктарын, керектөөлөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн коомдун кызыкчылыктары жана керектөөлөрү менен салыштырат.<br>• Адамдын жашоодогу ийгилигин түзүүчүлөрдү аныктайт жана схема түрүндө көрсөтөт.<br>• Өзүнүн келечектеги |

| Компетенттүүлүктөр | | |
|---|---|---|
| **А) Жарандык-укуктук** | **Б) Социалдык-экономикалык** | **В) Баалуулук-багыттык** |
| табат жана далилдейт.<br>• Жеткиликтүү маалыматтын көлөмү өтө тез өсүүсүнүн адамга тийгизген таасирин аныктайт. | коомдо гендердик ролдорго карата эң көп таркалган көз караштарды салыштырат, алардын объективдүү себептерин издейт. | билим жана эмгек иштерин аныктоонун планын түзөт. |
| **2. Маданияттын көп түрдүүлүгү** | | |
| **Х.2.А.4. Тең укуктуулукка, социалдык адилеттүүлүккө умтулуусун көрсөтөт**<br><br>• Жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын сүрөттөйт жана аларды айкалыштыруунун ыкмаларын сунуштайт.<br>• Инсандар арасында мамилелерде теңдиктин жана урматтоонун принциптерин сактайт<br>• Өзүнүн мамлекети, анын тарыхы, маданияты, тили, каада-салттары жөнүндө презентацияларды түзүүгө жана жайгаштырууга (анын ичинде Интернет тармагында) катышат.<br>• Калктын аялуу топторуна карата боорукердик, ырайымдуулук жана камкордук көрсөтөт, аларга колунан келген жардамын берет. | **Х.2.Б.5. Адамдардын коомдо бирге жашоосунда эрежелердин ролун талдайт**<br><br>• Ар кандай социалдык топтордо, социалдык тармактарда баарлашуунун көйгөйлөрүн мүнөздөйт.<br>• Мыйзамдар жана эрежелер эмне үчүн керектигин түшүндүрөт.<br>• Кыргызстандын аймагында жашаган элдердин маданиятындагы формалдуу жана формалдуу эмес эрежелерди салыштырат<br>• Укуктук ченемдердин жана салттардын ортосундагы айырмачылыктарды түшүндүрөт.<br>• Туура эмес жүрүм-турумдарды түшүндүргөн көз караштарды жана социалдык көзөмөлдүн ар кандай каражаттарынын ага таасирин салыштырат. | **Х.2.В.6. Коомдо жаштардын руханий багыттары жөнүндө ой жүгүртөт**<br><br>• Адамдардын кандайдыр бир субмаданиятка таандыгынын себеп-натыйжалаш байланыштарын аныктайт жана түшүндүрмө берет.<br>• Маданий продукциянын атамекендик азыркы керектөөчүсүнүн өзгөчөлүктөрүн мүнөздөйт.<br>• Жашоонун кандай чындыктары инсандын руханий калыптануусуна тоскоол болгондугун топтордо талкуулайт жана аларды жеңип чыгуунун ар кандай ыкмаларын сунуштайт.<br>• Кандайдыр бир жагдайларда адамдардын жана өзүнүн жасаган иштерин ойлонот, жана алар эмне менен шартталгандыгын аныктайт: жекече өзгөчөлүктөр мененби же социалдык шарттар мененби? |
| **3. Экономикалык-саясий өнүгүү** | | |
| **Х.3.А.7. Ар бир жарандын кызыкчылыктары үчүн мамлекеттин жана укуктун маанисин ойлонот**<br><br>• Жарандык коомдо мыйзамдын үстөмдүгүнүн мааниси жөнүндө ой | **Х.3.Б.8. Коомдогу экономикалык өз ара мамилелерди талдайт**<br><br>• Экономикалык жыргалчылыктарды жаратуудагы өз ара байланыштарды схема | **Х.3.В.9. Экономикадагы жана саясаттагы адеп-ахлактык-этикалык ченемдерди жактагандыгын билдирет**<br><br>• Эмне үчүн өндүрүштүн колонизация |

| Компетенттүүлүктөр | | |
|---|---|---|
| **А) Жарандык-укуктук** | **Б) Социалдык-экономикалык** | **В) Баалуулук-багыттык** |
| жүгүртөт.<br>• Жагдайлык көнүгүүлөрдө адам укуктары чөйрөсүндө көйгөйлөрдү чечүүнүн укук ченемдүү жолдорун тандайт.<br>• Адам коом жана мамлекет алдында милдеттерин аткаруусунун зарылдыгын негиздейт<br>• Жаран эмне үчүн мыйзамды сакташы керектигин түшүндүрөт; инсандын мыйзамсыз иш-аракеттеринин кооптуу кесепеттерин атайт. | түрүндө көрсөтөт жана сүрөттөйт.<br>• Суроо-талап, сунуш, баалар жана атаандаштык керектөөчүлөрдүн жана өндүрүүчүлөрдүн иш-аракеттерине кандай таасир тийгизерин түшүндүрөт.<br>• Үй-бүлөлүк бюджетти түзөт, «Үй-чарбачылыгынын бюджети мамлекеттин өнүгүүсүнүн социалдык-экономикалык деңгээлин кандайча чагылдырат? » темасында чакан эссе жазат.<br>• Үнөмдөлгөн каражаттар жана камсыздандыруу адамдардын бакубатчылыгын кандайча жогорулатарын түшүндүрөт. | принцибин сактоо зарыл экенин, бүтүндөй дүйнө боюнча ишканаларга кандай талаптар коюларын түшүндүрөт.<br>• Этикалык керектөөнүн принциптерин иштеп чыгарат, үй-чарбалары чыгарган таштандылардын санын төмөндөтүү боюнча план иштеп чыгарат.<br>• Ишкердин жана саясатчынын этикасы кандай болушу керек деген суроонун үстүндө ой жүгүртөт. |

**Натыйжалар жана көрсөткүчтөр**
**«Адам жана коом» (11-класс)**

**5-таблица**

| Компетенттүүлүктөр | | |
|---|---|---|
| **А) Жарандык-укуктук** | **Б) Социалдык-экономикалык** | **В) Баалуулук-багыттык** |
| **1. Инсан социалдык мейкиндикте жана социалдык убакытта** | | |
| **XI.1.А.1. Кыргызстанда туруктуулукту сактоого жана өнүктүрүүгө өзү кандай салым кошо аларын аныктайт**<br><br>«Эл», «улут», «этнос», «улуттук аң сезим» түшүнүктөрүн айырмалайт, улутчулдук жана геноцид көрүнүштөрүн талкуулоодо бир жактуу позицияны ээлейт.<br>• Кыргыз | **XI.1.Б.2. Цивилизациялык өнүгүүнүн, глобалдаштыруунун жана глобалдык көйгөйлөрдүн мейкиндиктик-убакыттык аспектилерин талдайт**<br>• Коомдук-тарыхый өнүгүүнү талдоого карата ар кандай ык-амалдардын салыштырат, салттуу, индустриалдык жана постиндустриалдык коомдун мүнөздүү белгилерин аныктайт. | **XI.1.В.3. Инсандык өнүгүүгө жана социалдык көп түрдүүлүктөрдү кабыл алууга карата позитивдүү мамилесин көрсөтөт**<br><br>• Дискуссияларда жана жаңжалдуу жагдайларда жеке кызыкчылыктарын коргоонун конструктивдүү жолдорунун мисалдарын келтирет.<br>• Этникалык, диний жана стратификациялык |

<table>
<tr><th colspan="3">Компетенттүүлүктөр</th></tr>
<tr><th>А) Жарандык-укуктук</th><th>Б) Социалдык-экономикалык</th><th>В) Баалуулук-багыттык</th></tr>
<tr><td>Республикасындагы диний бирикмелердин өзгөчөлүгүн жана укуктук макамын аныктайт; диний экстремизмдин кооптуулугу эмнеде экенин түшүндүрөт.<br>• Терроризмдин келип чыгышына жана коркунучуна байланыштуу себептердин тизмесин түзөт.<br>• Төмөнкү темаларда ой жүгүртөт: «Кыргызстанда улуттар аралык жана диндер аралык тынчтыкты колдоо үчүн биз эмне кыла алабыз? », «Терроризмди жана экстремизмди болтурбоо үчүн биз эмне кыла алабыз? »</td><td>• Кыргызстанда глобалдаштыруунун оң жана терс жактары жөнүндө ой жүгүртөт.<br>• Антиглобалисттик кыймылдар тууралуу жеке пикирин билдирет<br>• Глобалдык көйгөйлөрдүн коркунучтарын аныктайт, глобалдык маселелердин ортосундагы өз ара байланыштарды схема түрүндө берет.<br>• Глобалдык көйгөйлөрдүн тизмесинен Кыргызстан үчүн эң актуалдууларын тандайт, алардын келип чыгуу жана өзгөрүү себептерин талдайт.</td><td>айырмачылыктарга байланыштуу маселелерди позитивдүү чечүүгө карата ак ниеттүү мамилесин көрсөтөт.<br>• Инсандык касиеттерди, жөндөмдүүлүктөрдү, эмгектин жана кесиптик кызыкчылыктарды өз алдынча баалайт<br>• Өзүнүн мындан аркы билим алуусунун пландарын жана эмгек ишмердүүлүгүнүн перспективаларын долбоорлойт.<br>• Заманбап үй-бүлөнүн өзгөчөлүктөрүн мүнөздөйт, инсандын жеке дараметин ийгиликтүү ишке ашырууда анын маанисин талдайт.</td></tr>
<tr><td colspan="3">2. Маданияттын көп түрдүүлүгү</td></tr>
<tr><td>XI.2.А.4. Өз коомунун жашоосуна жигердүү жарандык катышуунун маанилүүлүгүн түшүнөт<br><br>• Өз коомунда туш болушу мүмкүн болгон көйгөйлөрдүн тизмесинен (мектеп, район, шаар, айыл), өзү катыша ала тургандарын тандайт, жана бул учурда жеке өзү эмне кыла аларын көрсөтөт.<br>• Инсан жана коом үчүн маданиятсыздыктын, кылмыштуулуктун, баңгиликтин, маданияттан четтөөнүн масштабдарынын өсүшүнүн себептери жана алардын кесепеттери жөнүндө ой жүгүртөт.<br>• Долбоордук иштерге катышат, маданиятка, адамдын руханий</td><td>XI.2.Б.5. Маданияттын жана коомдун өз ара байланыштарын талдайт<br><br>• Дүйнөлүк диндердин адамдардын тиричилигине, салттарына жана маданиятына таасирин мүнөздөйт.<br>• Азыркы коомдун маданиятында илимдин, маданияттын жана искусствонун маңызын жана маанисин түшүндүрөт.<br>• Илимий-техникалык прогрессти адамзатка зыян келтирүү менен колдонууга карата кооптонууларын негиздейт.<br>• Адамдарга жана маданиятка таасири боюнча ар кандай массалык коммуникация каражаттарын салыштырат.</td><td>XI.2.В.6. Инсандык жана маданий баалуулуктарды кабыл алууга карата позитивдүү мамилесин көрсөтөт<br><br>• Жеке пикирин билдирет жана аны далилдер менен коргой алат.<br>• Илимде, искусстводо, массалык маалымат каражаттарында этика маселелери тууралуу ой жүгүртөт.<br>• Маданияттар аралык толеранттуулукту көрсөтөт, өзүнүкүнөн айырмаланган маданий салттарга кандай мамиле кылуу керек деген суроонун үстүндө ойлонот.<br>• Коом үчүн плюрализмдин пайдалуулугун түшүндүрөт;</td></tr>
</table>

| Компетенттүүлүктөр | | |
|---|---|---|
| **А) Жарандык-укуктук** | **Б) Социалдык-экономикалык** | **В) Баалуулук-багыттык** |
| өнүгүүсүнө коркунуч жараткан маселелерге өкмөттүн көңүлүн буруу боюнча иш-аракеттердин планын түзөт; аларды чечүү боюнча иш-чараларды пландаштырат жана жүргүзөт. | • Кыргызстанда актуалдуу социалдык-маданий маселелерди чагылдырган автордук (авторлоштук) медиа өнүмдөрдү жаратат. | көз караштардагы айырмачылыктарга сый мамиле жасайт. |
| **3. Экономикалык-саясий өнүгүү** | | |
| **XI.3.А.7. Адам укуктары жана коомдун жашоосуна саясий катышуу чөйрөсүндөгү жагдайды талдайт**<br>• Саясий коммуникациянын негиздерин талдайт, КРдеги шайлоолорго карата өзүнүн жеке позициясын негиздейт.<br>• Ар кандай идеологияларды Кыргызстандагы саясий кыймылдар жана партиялар менен байланыштырат.<br>• ММКлардын жана жарандын саясатка таасир тийгизүү мүмкүнчүлүгүнө карата жеке пикирин билдирет.<br>• Кыргызстанда адамдын жана жарандын укуктарын ишке ашыруунун көйгөйлөрү, аларды коргоодо укук коргоочу уюмдардын (анын ичинде эл аралык) ролу жөнүндө ой жүгүртөт. | **XI.3.Б.8. Коомдук өнүгүүнүн факторлорун талдайт**<br>• Кыргызстанда салыктардын түрлөрүн жана бюджеттик каражаттарды колдонуунун багыттарын аныктайт.<br>• Бюджеттик жана акча саясаты мамлекетте экономикалык туруктуулуктун сакталышына кандай таасирин тийгизерин түшүндүрөт.<br>• Инфляциянын жана жумушсуздуктун маңызы, себептери, социалдык жана экономикалык кесепеттери жөнүндө ой жүгүртөт.<br>• Туруктуу коомдук өнүгүүнүн көп түрдүү милдеттеринин тизмесинен Кыргызстан үчүн эң актуалдуусун тандайт, аларды чечүүнүн ыкмаларын сунуштайт.<br>• Эл аралык экономикалык мамилелер системасында Кыргызстандын ордун аныктайт. | **XI.3.В.9. Жоопкерчиликтүү жана адеп-ахлактуу тандоого жөндөмдүүлүгүн көрсөтөт**<br>• Эмгекке сый мамилесин, укуктук жана экономикалык сабаттуулукту жогорулатууга умтулуусун билдирет.<br>• Адеп-ахлактык тандоо позициясынан коррупция көрүнүшүнө байланыштуу жашоо жагдайларын талдайт.<br>• Адам укуктарын жана эркиндиктерин, мыйзамды, адеп-ахлактык-этикалык жүрүм-турумдун негизинде курчап турган дүйнө (адамдар, жаратылыш, коом, мамлекет) менен мамиле түзөт.<br>• Саламат өмүр сүрөт, окууга, мектептеги жана үй-бүлөдөгү милдеттерине жоопкерчиликтүү мамиле жасайт. |

### 3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

Баалоо стратегиялары деп мугалим окуучулардын окуудагы жетишкендиктери жөнүндө маалымат чогултуу жараянында колдонгон максаттарынын жана ыкмаларынын жыйындысын түшүнөбүз. Компетенцияларды баалоодо объективдүүлүк, ачыктык, ишенимдүүлүк жана валиддүүлүк принциптердин сакталышын кепилдиктүү камсыздаган баалоо стратегияларынын топтомун колдонуу зарыл.

Демек, баалоо төмөнкүлөр үчүн колдонулат:

1. окуучулардын керектөөлөрүн жана шыктануусун аныктоо;
2. окуучулардын даярдыгынын деңгээлин аныктоо;
3. окутуунун процессине жана натыйжаларына байланыштуу мугалимдин жана окуучулардын ортосундагы кер байланышты камсыздоо;
4. окуу жараянында жетекчилик жүргүзүү.

Окуучулардын окуу иштеринин натыйжалары «Адам жана коом» курсу боюнча предметтик стандарттын талаптарына жооп берүүсүн аныктоо максатында, алдын алуу (диагностикалык), калыптандыруучу (формативдик) жана жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо жүргүзүлөт.

**Алдын алуу баалоо** окутуу жараянынын *баштапкы* деңгээлин аныктоого багытталган, мугалим кийин, окуу жылынын ичинде окуучулардын компетенттүүлүгүнүн баштапкы деңгээлин жетишилген аяккы жыйынтыктар менен салыштыруусу үчүн.

**Калыптандыруучу баалоодо** окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен алар окуу *жараянында* материалды өздөштүрүүсүнүн ийгиликтүүлүгү аныкталат, ошондой эле окуу жараянында окуучулар чоң ийгиликке жетишүүсү үчүн сунуш-көрсөтмөлөр иштелип чыгарылат. Баалоонун бул түрү мугалим окутуунун сапатын жакшыртуу үчүн окуу жараянына зарыл коррективаларды өз убагында киргизүүсүнө мүмкүндүк берет. Бул учурда баалар журналда зарылчылык боюнча катталат, ал эми мугалим окуучулардын прогрессине жеке байкоолорунун жыйынтыктарын эркин формада белгилейт.

**Жыйынтыктоочу баалоо** окуучулардын аралык же *жыйынтык* жетишкендиктеринин суммардык деңгээлин, компетенцияларынын калыптангандыгын аныктоо үчүн кызмат кылат.

Баалоонун бул түрлөрүн колдонууда салттуу (практикалык, оозеки жана жазуу иштери) жана ошондой эле салттуу эмес ыкмаларды колдонууга болот: окуучулардын ишмердүүлүгүнө жана жүрүм-турумуна системалык байкоо жүргүзүү, портфолио, долбоорлор, изилдөөлөр жана өзүн-өзү баалоо.

Күтүлүүчү натыйжаларды баалоодо критериялык баалоо технологиясын колдонуу зарыл, башкача айтканда окуучунун окуудагы реалдуу жетишкендиктерин *эталон* – окутуунун пландаштырылган жыйынтыгы менен салыштыруу керек.

***Чен өлчөмдөр (критерийлер) менен баалоо*** – бул окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин аныкталган, алдын ала иштелип чыгарылган, окуучулар жана ата-энелер үчүн белгилүү жана түшүнүктүү критерийлер менен салыштырууга негизделген процесс. Чен-өлчөмдөр билим берүүнүн предметтик компетенциялардын калыптануусуна өбөлгө түзгөн максаттарына жана мазмунуна ылайык келет.

Ошондуктан, биринчи кезекте, окуучунун даярдыгынын жалпы деңгээлиндеги өзгөрүүлөрдү да, таанып билүү ишмердүүлүгүнүн башка чөйрөлөрүндө (маалыматты өздөштүрүү жана иштетүү, өзүнүн ойлорун жана образдарды чыгармачыл сунуштоо) анын

жетишкендиктеринин динамикасын белгилей турган, күтүлгүчү натыйжаларды баалоонун чен-өлчөмдөрүн иштеп чыгуу зарыл.

Баанын чыгарылышынын так алгоритмин билген окуучу, өзүнүн окуусундагы жетишкендиктеринин деңгээлин өзү аныктай алат, башкача айтканда өзүн өзү баалоого, бири бирин баалоого, рефлексияга өтөт.

**Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун болжолдуу куралдары**

- ***Текст менен иштөө*** *(сынчыл баалоонун куралы катары).* «Адам жана коом» курсунун алкагында текст окутуунун негизги дидактикалык бириги болуп саналат. Тексттерди талдоо тексттерде камтылган маалымат менен иштөө көндүмдөрүн калыптандырууга өбөлгө түзөт. Ошондуктан, предметтик компетенттүүлүктөрдү баалоодо текст менен иштөө боюнча тапшырмаларды баалоонун так жана ойлонулган чен-өлчөмдөрү аныкталуусу маанилүү, алар окуучуларга алдыга максаттарды коюуну жана өзүнүн окуусун пландаштырууну үйрөнүүсү үчүн эмне жана кандайча бааланары туурасында ачык түшүнүгүн калыптандырууга жардам берет.
- ***Окуучунун портфолиосу*** *(калыптандыруучу баалоонун куралы катары).* Портфолио окуучунун окуунун траекториясы боюнча жылуусун баалоого, окуу ишинин динамикасын жана интенсивдүүлүгүн, окутуунун натыйжаларын көрсөтүүнүн сапатын көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет. Портфолио окуучуга төмөнкү иштерди аткарууга жардам берет: өзүнө максат коюуга жана ага жетишүүнү пландаштырууга; тандоо жасоого (портфолиодо көрсөтүү үчүн кандай материалдарды тандоо керек); өзүнүн билимин белгилөөгө жана өзүн өзү баалоого; өзүнүн индивидуалдуулугун ачууга.
- ***Долбоорлоо*** *(калыптандыруучу баалоонун куралы катары).* Долбоордук иш татаал социалдык дилеммаларга жана казустарга карата окуучунун инсандык тандоосуна, актуалдуу маселелер боюнча жигердүү социалдык позициясын иштеп чыгууга, долбоорлорду чечмелөөдө, сүрөттөөдө, мүмкүн болгон чечимдерди иштеп чыгууда, окуучуларды продуктивдүү социалдык ишмердүүлүккө кызыктырууда өз алдынчалык жана чыгармачылык көргөзүүгө өбөлгө түзөт.
- ***Теориялык изилдөө*** *(алдын алуу жана калыптандыруучу баалоонун куралы катары).* Окуучулардын теориялык окууну изилдөөсүнө, чыгармачылык менен кайра иштеп чыгуусуна жана натыйжаларын эссе, реферат, доклад, презентация түрүндө көрсөтүүсүнө байланыштуу өз алдынча иши. Маалымат менен иштөө, автордук маалыматтык өнүм жаратуу, көпчүлүктүн алдына чыгып сүйлөө, далилдөө жана өз оюн билдирүү көндүмдөрүнүн өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.
- ***Педагогикалык тестирлөө*** *(алдын алуу (диагностикалык), калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу баалоонун куралы катары).* Окуучулардын жетишкендиктерин педагогикалык тесттерди колдонууга негизделген түрү болуп саналат.

«Адам жана коом» курсу боюнча тематикалык, текшерүүчү, диагностикалык жана жыйынтык иштердин саны жумушчу программага ылайык аныкталганы 6 - таблицада көрсөтүлгөн.

**Мугалим тарабынан баалоону болжолдуу пландаштыруусу**
**10-класс**

**6-таблица**

| №п/п | Күтүлүүчү натыйжа | Баалоо инструменттери | Мөөнөттөр |
|---|---|---|---|
| **1.** | **Х.1.А.1.** Заманбап маалыматтык коомдун өнүгүүсүндө маалыматтын маңызын жана маанисин түшүндүрөт. | Алдын алуу (диагностикалык) баалоо. Оозеки жооптордун жараянында байкоо. Өзүн өзү баалоо. Баалоо барактары. | Баштапкы диагностикалык иш. Баалоо барактары текшерилет. |
| **2.** | **Х.1.В.3.** Өзүнө жана башкаларга мүнөздөмө берет. Өзүнүн кызыкчылыктарын, керектөөлөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн коомдун кызыкчылыктары жана керектөөлөрү менен салыштырат. | Калыптандыруучу баалоо. Топтук иш жараянында байкоо. Өзүн өзү баалоо, баалоо баракчалары | Топтук иште өзүн өзү баалоо баракчалары сабактан кийин же сабактын аягында текшерилет. |
| **3.** | **Х.3.А.7.** Жарандык коомдо мыйзамдын үстөмдүгүнүн мааниси жөнүндө ой жүгүртөт. Жагдайлык көнүгүүлөрдө адам укуктары чөйрөсүндө көйгөйлөрдү чечүүнүн укук ченемдүү жолдорун тандайт. | Оозеки жооптор, презентациялар. Топто иштөө. Презентацияны баалоо барагы. | Ар бир сабакты баалоо. |
| **4.** | **Х.3.Б.8.** Үй-бүлөлүк бюджетти түзөт, «Үй-чарбачылыгынын бюджети мамлекеттин өнүгүүсүнүн социалдык-экономикалык деңгээлин кандайча чагылдырат? » темасында чакан эссе жазат. | Эссе, Презентация, Үй-бүлө бюджетинин долбоору. | Аралык, тематикалык контроль. |
| **5.** | **Х.3.А.7.** Жаран эмне үчүн мыйзамды сакташы керектигин түшүндүрөт; инсандын мыйзамсыз иш-аракеттеринин кооптуу кесепеттерин атайт. | Суроолор боюнча контролдук иш (суроолорго кеңири жооп берүү) | Бөлүм аяктаганда. |

«Адам жана коом» предмети боюнча баалоо системасы төмөнкү предметтик компетенциялардын калыптангандыгынын акыркы деңгээлин объективдүү аныктоого багытталган:

- Репродуктивдүү (I деңгээл) – окуучулар үлгүнү кайталай алуусу (иштерди аткаруунун аныкталган алгоритмине).
- Продуктивдүү (II деңгээл) – курамы боюнча жөнөкөй ишти аткаруу, башка жагдайда өздөштүргөн иштердин алгоритмин колдонуу жөндөмү.
- Чыгармачыл (III деңгээл) – татаал иштерди аны өз алдынча долбоорлоо жана негиздөө менен аткаруу.

Ошол эле учурда окуучулардын инсандык натыйжалары жыйынтык баалоого жатпайт жана окуучунун мүнөздөмөсүндө жазылат (зарылчылык боюнча).

**10-11-класстарда күтүлүүчү натыйжаларды баалоонун мисалдары**

Мисалы, билим берүүнүн натыйжасы: **XI.1.Б.2. Цивилизациялык өнүгүүнүн, глобалдаштыруунун жана глобалдык көйгөйлөрдүн мейкиндиктик-убакыттык аспектилерин талдайт.**

Алар текшерилүүчү көрсөткүчтөр:

- Окуучу коомдук-тарыхый өнүгүүнү талдоого карата ар кандай багыттарды салыштырса, салттуу, индустриалдык жана постиндустриалдык коомдун мүнөздүү белгилерин аныктаса.
- Кыргызстанда глобалдаштыруунун оң жана терс жактары жөнүндө ой жүгүртсө.
- Антиглобалисттик кыймылдар туурасында жеке пикирин билдирсе.
- Глобалдык көйгөйлөрдүн коркунучтарын аныктаса, глобалдык маселелердин ортосундагы өз ара байланыштарды схема түрүндө бесе.
- Глобалдык көйгөйлөрдүн тизмесинен Кыргызстан үчүн эң актуалдууларын тандаса, алардын келип чыгуу жана өзгөрүү себептерин талдаса.

Окуучу төмөнкүлөрдү аткара алса, натыйжага жетишкен болот:

**7-таблица**

| Репродуктивдүү деңгээл | Продуктивдүү деңгээл | Креативдүү (чыгармачылык) деңгээл |
|---|---|---|
| Коомдук-тарыхый өнүгүүнүн талдоосуна карата негизги багыттарды атаса, салттуу, индустриалдык жана постиндустриалдык коомдордун мүнөздөмөлөрүн атаса. | Коомдук-тарыхый өнүгүүнүн талдоосуна карата багыттарда айырмачылыктарды аныктаса. Тарыхый коомдордун ар кандай типологияларынын жакшы жактарын жана кемчиликтерин аныктаса. | Салттуу, индустриалдык жана постиндустриалдык коомдордун мүнөздүү белгилеринин негизинде заманбап коомду түрлөргө бөлсө. |
| Заманбап Кыргызстандын коомдук өнүгүүсүнүн мүнөзүнө глобалдаштыруу жараяндарынын таасиринин мисалдарын келтирсе. | Глобалдаштыруу жараяндарын алардын Кыргызстанга таасиринин деңгээли боюнча классификацияласа, оң жана терс таасирлерин аныктаса. Глобалдык көйгөйлөрдүн ортосунда өз ара байланыштардын схемасын түзсө. | Глобалдаштыруу жараяндарынын КРге таасиринин мындан аркы тенденциясын божомолдосо. Глобалдаштыруунун терс таасирин азайтуунун стратегиясын аныктаса. |
| Антиглобалисттик кыймылдардын маанисин | Антиглобализмге сынчыл талдоо берсе. | Өнүккөн өлкөлөрдө антиглобализмдин келип |

| Репродуктивдүү деңгээл | Продуктивдүү деңгээл | Креативдүү (чыгармачылык) деңгээл |
|---|---|---|
| аныктаса. Антиглобалисттердин аракеттеринин мисалдарын келтирсе. | Антиглобалисттик кыймылдардын баалуулуктарына жана методдоруна жеке мамилесин түзсө жана негиздесе. | чыгышынын себептери жана анын ишинин перспективалары жөнүндө далилдөөчү эссе жазса. |

Төмөнкү мүнөздөгү тапшырмалар бул натыйжаны баалоонун куралы болушу мүмкүн:

***Репродуктивдүү деңгээл үчүн:*** Төмөнкү түшүнүктөрдүн жана терминдердин мазмунун айтып бергиле: «салттуу коом», «индустриалдык коом», «постиндустриалдык коом», «глобалдаштыруу», «антиглобализм», «глобалдык көйгөйлөр».

***Продуктивдүү деңгээл үчүн:*** Кыргызстандын социалдык-саясий өнүгүүсүнүн мүнөзүнө глобалдаштыруу жараяндарынын таасиринин таблицасын схеманы колдонуп түзгүлө:

***Креативдүү (чыгармачылык)деңгээл үчүн:*** КРге глобалдаштыруунун оң таасирлерин жогорулатууга жана терс таасирлерин төмөндөтүүгө өбөлгө түзгөн мамлекеттик жана мамлекеттик эмес иш-чаралардын программасын түзгүлө. Өзүңөрдүн сунуштарды жана көрсөтмөлөрдү негиздегиле.

| **Процесстин таасиринин деңгээли (азаюу боюнча, max-дан min-га чейин)** | **Оң таасир** | **Терс таасир** |
|---|---|---|
| | | |
| | | |

**Өзүн өзү баалоонун жана мугалим окуучуну баалоонун формасы**

**8-таблица**

<table>
<tr><td rowspan="2">Окуучу ________________________________<br>(аты, фамилиясы, классы)</td><td rowspan="2">Алууга мүмкүн болгон упайлар</td><td colspan="2">Алган баллдары</td></tr>
<tr><td>Мен өзүм</td><td>Мугалим</td></tr>
<tr><td>Топто өзүнүн бардык жоопкерчиликтерин өз учурунда жана сапаттуу аткардым</td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>Берилген окуу тапшырмасына кунт коюу менен топто иштедим</td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>Берилген окуу тапшырмасын аткарууда топтогу башка окуучуларга дем берип, жардамдаштым</td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>Башкаларды кунт коюу менен уктум</td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>Далилдүү идеяларды сунуштадым</td><td></td><td></td><td></td></tr>
</table>

| Окуучу ______________________________ (аты, фамилиясы, классы) | Алууга мүмкүн болгон упайлар | Алган баллдары | |
|---|---|---|---|
| | | Мен өзүм | Мугалим |
| Талкууларды жүргүздүм (каршы пикирин сылык айтты, талаш жараткан суроолор боюнча макулдашууга жетишти) | | | |
| Топтогу башка окуучулардын айткандарына комментарий бердим жана толуктадым | | | |
| Жалпы: | | | |

Жыйынтыктоочу баалоодо жазуу иштеринин көлөмү өсөт. Контролдук иштерди, тестирлөөнү айына 1 жолудан кем эмес өткөрүү сунушталат, ошол эле учурда тапшырмаларды баалоо чен-өлчөмдөрүн алдын ала иштеп чыгуу жана алар тууралуу окуучуларды маалымдоо зарыл. Контролдук-текшерүү иштеринин натыйжалары боюнча алынган жыйынтыктардын далилдүү талдоосун жүргүзүү зарыл.

## 4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАРАЯНЫН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР

### 4.1. Ресурстук камсыздоого талаптар

Билим берүү жараянын окуу-методикалык камсыздоого карата талаптар «Адам жана коом» предметинин сабактарында окутуунун максаттарына жана пландаштырылган натыйжаларына жетүү үчүн зарыл шарттарды түзүүгө багытталган жана өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Предмет боюнча китептердин, маалымдама жана окуу-методикалык адабияттын болуусу.
- Предмет боюнча кошумча басылма жана электрондук билим берүү ресурстарына жеткилик, анын ичинде Интернет тармагында.
- Предметтин темалары боюнча мугалим жана окуучулар тарабынан түзүлгөн демонстрациялык таблицалардын, схемалардын жана башка шарттуу-графикалык көрсөтмө куралдардын болуусу.
- Предмет боюнча жеке графикалык уюштуруучуларды түзүү үчүн окуу каражаттарына (кагаз, калемдер, маркерлер, флипчарттар жана башка) жеткилик.
- Техникалык каражаттарга (аудио-, видеоаппаратура, компьютер, проектор, көбөйтүүчү техника, **идеалда** – интерактивдүү доска ж.б.) жеткилик;
- Натыйжалуу коммуникациянын максаттарында окуу мейкиндигин өзгөртүү үчүн жеңил ыңгайлуу эмеректин болуусу.

**«Адам жана коом»**
**предметинин кабинетине карата сунушталган талаптар**

**9-таблица**

| №п/п | Материалдык-техникалык камсыздоо объектилеринин жана каражаттарынын аталышы | Зарыл саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| **1.** | **КИТЕПКАНА ФОНДУ (КИТЕП-БАСЫЛМА ПРОДУКЦИЯСЫ)** *окутуу тилинде* | | |
| | • 5-9-класстар үчүн «Адам жана коом» предмети боюнча предметтик стандарт<br>• 10-11-класстар үчүн «Адам жана коом» предмети боюнча предметтик стандарт (базалык деңгээл)<br>• 5-9-класстар үчүн «Адам жана коом» предмети боюнча болжолдуу программа<br>• 10-11-класстар үчүн «Адам жана коом» предмети боюнча болжолдуу программа (базалык деңгээл) | 1 нуска<br>1 нуска<br>1 нуска<br>1 нуска | **Милдеттүү**<br>«Адам жана коом» предмети боюнча предметтик стандарт, болжолдуу программалар, автордук программалар кабинеттин милдеттүү программалык-методикалык камсыздоосунун курамына кирет |
| | • 5-9-класстар үчүн «Адам жана коом» предмети боюнча китептер | Бир топтомдон | **Милдеттүү**<br>Китепкана фондуна Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган же уруксат берилген, бир класска китептердин топтомдору кирет. |
| | • 5-9-класстар үчүн «Адам жана коом» предмети боюнча дидактикалык материалдар<br>• 5-9-класстар үчүн «Адам жана коом» предмети боюнча жумушчу дептерлер<br>• Элективдик курстар боюнча окуу куралдары | Бир топтомдон | **Болуусу ырас**<br>дидактикалык материалдар, тесттик жана өз алдынча иштердин топтому, стандартта бекитилген талаптарга ылайык, окутуунун диагностикасын жана сапатынын көзөмөлүн камсыздашат. |
| | Локалдык-ченемдик актылар | Бир топтомдон | **Милдеттүү**<br>КР Конституциясы, Баланын укуктарынын Декларациясы 1959-ж., Баланын укуктары жөнүндө Конвенция 1989-жыл, Балдардын жашоосун, коргоону жана өнүгүүсүн камсыздоо жөнүндө дүйнөлүк Декларация. 1990-жыл. |
| | • Илимий-саясий, илимий-популярдык адабият<br>• Маалымдама колдонмолор (энциклопедиялар, сөздүктөр ж.б.) | Бир топтомдон | **Болуусу ырас**<br>Баяндамаларды, билдирүүлөрдү, рефераттарды, чыгармачыл |

| №п/п | Материалдык-техникалык камсыздоо объектилеринин жана каражаттарынын аталышы | Зарыл саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | • Мугалим үчүн методикалык колдонмолор | | иштерди даярдоо үчүн пайдалуу |
| **2.** | **БАСЫЛМА КОЛДОНМОЛОР** *окутуу тилинде* | | |
| | • Мезгилдүү басылмалар | Бир топтомдон | **Болуусу ырас**<br>Мамлекеттердин өнүгүүсү боюнча таблицалар, салыштырма схемалар |
| **3.** | **МААЛЫМАТТЫК-КОММУНИКАТИВДИК КАРАЖАТТАР** | | |
| | • «Адам жана коом» предметинин негизги бөлүмдөрү боюнча мультимедиялык окутуучу программалар жана электрондук китептер<br>• Фронталдык жана жекече иштерди уюштуруу үчүн тематикалык, ар кандай деңгээлдердеги жыйынтыктоочу, машыктыруучу жана текшерүүчү материалдарды түзүү үчүн электрондук база | 1 нуска<br>1 нуска | **Болуусу ырас**<br>окуу үчүн кошумча шарттарды камсыздайт |
| | • «Адам жана коом» предмети боюнча инструменталдык чөйрө | 1 нуска | **Милдеттүү**<br>Предмет боюнча жеке графикалык уюштуруучуларды түзүү үчүн кагаз, калемдер, флипчарттар ж.б. |
| **4.** | **ЭКРАН-ҮН КУРАЛДАРЫ** | | |
| | • Коомдун өнүгүүсүнүн тарыхы боюнча саясий жана социалдык мүнөздөгү видеофильмдер | 1 нуска | **Болуусу ырас**<br>Санариптик (компьютердик) түрдө болушу мүмкүн. |
| **5.** | **ОКУУ-ПРАКТИКАЛЫК ЖАНА ОКУУ-ЛАБОРАТОРИЯЛЫК ЖАБДУУЛАР** | | |
| | • Магниттелген жана таблицаларды илүү үчүн куралдардын топтому бар аудиториялык доска | 1 нуска | **Болуусу ырас**<br>Доскада иштөө үчүн арналган топтом * |
| **7.** | **АТАЙЫН ОКУУ ЭМЕРЕГИ** | | |
| | • Компьютердик стол<br>• Адабиятты жана көрсөтмө куралдарды сактоо үчүн секцияларга бөлүнгөн шкаф (ортоңку бөлүгү айнектен)<br>• Таблицаларды сактоо үчүн үкөктөр | 1 нуска<br>1 нуска<br>1 нуска<br>1 нуска | |

| №п/п | Материалдык-техникалык камсыздоо объектилеринин жана каражаттарынын аталышы | Зарыл саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | • Таблицалар үчүн штатив | | |

### 4.2. Шыктандыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү

Билим берүүнүн натыйжаларына (предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу) натыйжалуу жетүү үчүн төмөнкүлөрдү түзүү зарыл:

**1.** Окуучулардын окуу предметине жана бүтүндөй курчап турган дүйнөгө кызыгуусун колдоого өбөлгө түзгөн **жогорку шыктандыруучу билим берүү чөйрөсү.** Ошондуктан мугалим эң оболу *окуунун жүйөлөрүн*, андан соң *максаттарын* негиздеп жана андан кийин гана мазмунуна өтүшү керек. Бул маселени чечүү үчүн төмөнкүлөр жардам берет:

- Сабактын түзүлүшүн так пландаштыруу.
- Окутуунун ар кандай формаларын колдонуу.
- Окуу материалын сунуштоонун дыкат ойлонулган методдору жана ыкмалары.

Окуу жараянынын ар кандай формаларын – дебаттарды, дискуссияларды, иштиктүү жана ролдук оюндарды, чакан топтордо иштөөнү, конференцияларды, сынактарды колдонуу сунушталат.

Окуучулардын умтулуусун жана кызыгуусун колдоого өбөлгө түзгөн окутуу ыкмаларынын арасынан төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот: кейс-стади, казустарды талдоо жана чечүү, жагдайларды жана көйгөйлөрдү моделдөө, мээ чабуулу, ассоциациялар ыкмасы, имитациялар ыкмасы, көйгөйлүү окутуу ыкмалары. Жогоруда келтирилген ыкмалардын бардыгы окуучулардын өз алдынча изденүүсүнө, маалыматты иштетүүгө жана системалаштырууга дем берет, маалымат алмашуу, сынчыл талдоо, жеке маалыматтык өнүмүн түзүү көндүмдөрүн өнүктүрөт. Мындан тышкары бул интерактивдүү ыкмалар таанып-билүү кызыгуусун жана жигердүү окуу ишмердүүлүгүн өбөлгөлөшөт.

**2. Окуучулардын жеке жөндөмдөрүн толугураак ачууга жардам берген шарттар.**

Биринчи кезекте мугалимдин өзүнүн инсандыгы, анын кесиптик эрудициясы, предметке кызыгуусу, окуучулардын кызыгууларын түшүнүүсү, харизмасы, сөзмөрлүгү. Окуучулардын арасында моралдык жана/же интеллектуалдык кадыр-баркы бар мугалим өзү «үлгү объектине айланат» – окуучуларга окууга жана өнүгүүгө дем берет. Практикалык иштерде жана чыгармачылыкта окуучулардын керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн шарттарды түзүү да маанилүү (ар кандай көрсөтмө куралдар, нускама материалдары, жеткиликтүү маалымат). Предметтер аралык байланыштарды кеңири колдонуу, ошондой эле көзөмөлдүн тапшырмаларды чыгармачылык менен аткарууну же окуучулардын окуу иштеринин натыйжаларын адаттагыдан башкача көрсөтүүнү демилгелеген стандарттык эмес формаларын колдонуу зарыл.

Ошондой эле шыктандыруучу чөйрө гендердик-салмактуу болуу керек, атап айтканда, математиканы, табигый-илимдик жана коомдук-гуманитардык дисциплиналарды изилдөөдө, лабораториялык жана практикалык иштерди аткарууда эркек балдар жана кыздар бирдей

шыктануусу керек. Бул  кесиптик багыт жана келечектеги адистигин, анын ичинде, коомдук илимдерге байланыштуу адистиктерди тандоо маселесине да тиешелүү.

Шыктануунун денгээлине жараша окуу-тарбия ишинин көрсөткүчү өзгөрөт. «Адам жана коом» предметин окутууда заманбап окутуунун технологияларын колдонуу бул көйгөйдү чечүүгө жардам берет. Окуучу «Адам жана коом» предметин үйрөнүүгө кызыгуусу үчүн мыйзамдардын, түшүнүктөрдүн практикада колдонулушунун маанисин ачып көрсөтүү керек. Окуучулар байкоо жүргүзүп, иштин тууралыгын кайталап текшерип, жазып, ой бөлүшүп, презентация кылып, талкуулап, жаңы маалымат алышат. Мындай иш-чараларды сунуштоо менен мугалим окуучулардын негизги компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга, таанып билүү ишмердүүлүгүн өстүрүүгө, предметке болгон кызыгуусун жогорулатууга багыт алат.

Шыктануу (мотивация) ички жана сырткы болушу мүмкүн. Ички шыктануу (мотивация) билбегенден билгенге карай ийгиликтүү жылуу үчүн негизди түзөт, ички шыктануу 4 түргө бөлүнөт: жыйынтык, иш боюнча мотив; баага жана ыңгайсыздыктан оолактоо мотиви. Алдыңкы эки мотивдер акыркы жыйынтыкка жетишүү ишинде жеке окуучунун жеке кызыкчылыгы үчүн шарттарды түзөт.

Окуучулардын шыктануучу (мотивациялык) тармагы, алардын ишмердүүлүктүн түрлөрүнө болгон мамилеси жана окуп-үйрөнүүдө өзүнүн жалпы активдүүлүгү негизинен алардын муктаждыктары менен дагы, ошондой эле ылайыктуу максаттары менен дагы аныкталат. Окуучулардын шыктануусунун интенсивдүүлүгү көбүнчө өзүнүн ишинин максаты жөнүндөгү түшүнүгү менен аныкталат. Өзүнүн ишинин маанилүүлүгү жана өзүнүн максатын так элестетиши окуучулардын шыктануусун күчөтүүнүн күчтүү каражаты болуп саналат.

Шыктандыруучу билим берүүчүлүк чөйрө – мектептин жашоо ишмердүүлүгүнүн тартибин калыптандыруучу факторлордун жыйындысы: мектептин материалдык ресурстары, окуу жараянын уюштуруу, тамактануу, медициналык жардам, психологиялык климат.

Заманбап шартта шыктандыруучу билим берүүчүлүк чөйрө татаал, көп деңгээлдүү кубулуш катары каралат. Ал **физикалык, психологиялык, академиялык чөйрө** болуп бөлүнөт жана төмөнкү аспектилерди камтыйт.

**Физикалык чөйрө:**

- материалдык (мектептин жана класстын абалы),
- технологиялык (мектептин, класстын материалдык-техникалык базасы).
- маалыматтык-компьютердик технологиялар (интерактивдик такта, компьютер, проектор, экран ж.б.)

**Психологиялык чөйрө:**

- психологиялык (шыктанууну түзүү жана колдоо, мугалим жана окуучунун ортосундагы мамиле, окуучулардын ортосундагы, профилдик билим берүү мүмкүнчүлүгү).
- балдардын жана ата-энелердин мектептен, билим берүүдөн коркуу сезимин жок кылган;

**Академиялык чөйрө:**

- уюштуруучулук (окуу иши, класстан тышкаркы ишмердүүлүк кантип уюштурулган);
- педагогикалык (мугалим жана окуучунун интеллектуалдык деңгээли);
- окутууда ар түрдүү ыкмаларды жана техникаларды пайдаланган;
- өз учурундагы кайтарым байланышты берген, сунуштаган.

Анын ар бири мектепте шыктандыруучу жана демилгелөөчү факторлор менен толтурулат, бул мектептин шыктандыруучу чөйрөнү түзгөндүгү жөнүндө айтууга мүмкүнчүлүк берет. Мындай чөйрө сапаттуу билим берүүнүн жогорку деңгээлин камсыз кылат.

Шыктандыруучу билим берүүчүлүк чөйрөнүн **принциптери:**

- **ийкемдүүлүк** – мектептин сырткы чөйрөнүн өзгөргөн шарттарына ийкемдүү жооп кайтаруусун камсыз кылышы;
- **гумандуулук, руханий** баалуулуктарга артыкчылык берген;
- **инновациялык, динамикалык;**
- **динамикалык жана жаңыруучу** – ыңгайлашуунун эсебинен эмес, алдыга өнүгүүнүн эсебинен дайыма өзгөрүлгөн социалдык маданий кырдаалдарда сапаттуу билим берүүнү камсыздалышы;
- **ачыктуулук** – айлана-чөйрөнүн, ата-энелердин, мектептин социалдык өнөктөштөрүнүн педагогикалык дараметин **ачык** пайдаланган**;**
- **технологиялык** – заманбап деңгээлге ылайык келген заманбап жана маалыматтык коммуникациялык технологияны пайдалануу менен, сапаттуу билим берүүнү алууда кепилдик жыйынтыкты камсыздалышы;

Ошентип, шыктандыруучу чөйрө – билим берүү сапатын жогорулатууну камсыз кылган бардык субъектилердин (окуучулар, мугалимдер, жетекчилик, ата-энелер, социалдык өнөктөштөр) бийик шыктануусун (ички түрткүлөрдүн аракеттенүү системасы) аныктоочу, демилгелөөчү факторлордун (материалдык, уюштуруучулук, психологиялык, педагогикалык, техникалык) комплексине ээ чөйрө. Шыктандыруучу окутуучу чөйрө окуу материалын өздөштүрүүнү, социалдык, экономикалык, укуктук билимдердин баалуулугун түшүнүүнү, талкууланган көйгөйлөргө карата окуучулардын жигердүү инсандык мамилелерин жаратууну, коомдун жашоосуна чыгармачыл, жигердүү, натыйжалуу катышуусуна багыттарды калыптандырууну жана өз алдынча өнүгүүнү камсыздайт.

## Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын

# «АДАМ ЖАНА КООМ»

## предмети боюнча 10-11 - класстар үчүн программа (Базалык деңгээл)

**Түзүүчүлөр:**
*Макаров А.В.* – Орто Азиядагы Эл аралык университетинин "Эл аралык мамилелер" багытынын жетекчиси;
*Данилевская Л.М.* – Бишкек шаарынын № 13 мектеп-гимназиясынын мугалими;
*Сураганова З.* – КББА илимий кызматкери.

**Бишкек 2018**

## «АДАМ ЖАНА КООМ»: ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА 10-11 - КЛАССЫ ҮЧҮН ПРОГРАММА (БАЗАЛЫК ДЕҢГЭЭЛ)

### ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

X-XI класстар үчүн «Адам жана коом» предметинин программасы (мындан ары программа) КР Билим берүү жөнүндө Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 -Токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билимдин Мамлекеттик билим берүү стандартынын, X-XI класстар үчүн «Адам жана коом» предметтик стандартынын негизинде түзүлгөн.

Программа окуу курсунун инварианттуу (милдеттүү) бөлүгүн аныктайт жана стандарттын билим берүүнүн жыйынтыктарына тиешелүү талаптары менен катар негизги жалпы билим алууну камсыздаган бардык жалпы билим берүү уюмдары үчүн жарактуу болуп саналат.

Программада окуу сааттары курстун бөлүмдөрү жана темалары боюнча бөлүнгөн, ошондой эле билим берүү стандартынын предметтик темаларынын мазмунун аныктайт.

### Сааттардын бөлүнүшү

**X класс –** бир жылда 34 саат, жумасына 1 саат

| Бөлүм | Тема | Саат-н саны | Анын ичинде | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Практикалык иштер | Долбоордук иштер | Кайталоо |
| | **Киришүү** | 1 | | | |
| 1 | **Адам** | 4 | 2 | | |
| 2 | **Адам социалдык мамилелер системасында** | 12 | 2 | | 1 |
| 3 | **Экономикалык негиздер жана каржылык сабаттуулук** | 9 | 2 | | 1 |
| 4 | **Коомдук өнүгүү жана жарандык катышуу** | 8 | 1 | 2 | 1 |
| | **Жалпы** | 34 | 7 | 2 | 3 |

**XI класс –** бир жылда 34 саат, жумасына 1 саат

| Бөлүм | Тема | Саат-н саны | Анын ичинде | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Практикалык иштер | Долбоордук иштер | Кайталоо |
| | **Киришүү** | 1 | | | |
| 1 | **Инсандык өнүгүү** | 4 | 2 | | |
| 2 | **Социалдык саясий өнүгүүнүн көйгөйлөрү** | 12 | 1 | 1 | 1 |
| 3 | **Экономика жана коомдун** | 12 | 2 | 1 | 1 |

| Бөлүм | Тема | Саат-н саны | Анын ичинде | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Практикалык иштер | Долбоордук иштер | Кайталоо |
| | **туруктуу өнүгүүсү** | | | | |
| 4 | **Азыркы замандын глобалдык көйгөйлөрү** | 5 | 1 | | 1 |
| | **Жалпы** | 34 | 6 | 2 | 3 |

### Предметтин максаты жана милдеттери

Программа негизги жалпы билим берүүнүн баскычында билим берүү жараянынын максатын, милдеттерин, мазмунун жана аны уюштурууну аныктайт жана окуучулардын жалпы маданиятын, руханий-адеп-ахлактык, жарандык, социалдык, инсандык жана интеллектуалдык өнүгүүсүн, өз алдынча өнүгүүсүн жана аз алдынча жетилүүсүн калыптандырууга багытталган, алар окуучулардын социалдык ийгиликтүүлүгүн, чыгармачылык жөндөмдөрүнүн өнүгүүсүн, ден - соолугунун саламаттыгын бекемдөөнү камсыздайт.

**Предметтин максаты** жогорку класстын окуучусунун ийгиликтүү социалдык адаптациясына, социалдык жактан өсүп жетилишинин жана конструктивдүү социалдык жигердүүлүгүнүн калыптануусуна өбөлгө түзгөн, инсандын руханий-адеп-ахлактык, укуктук, саясий жана экономикалык маданиятын өнүктүрүү; жалпы кыргызстандык улуттук бирдейликти жана сабырдуулукту, Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген гуманисттик жана демократиялык баалуулуктарды сактоого тарбиялоо; социалдык мамилелер жаатында типтүү маселелерди чечүүнүн, Кыргызстандын саясий, экономикалык жана маданий жашоосуна катышуунун позитивдүү социалдык тажрыйбасын калыптандыруу; жогорку кесиптик билим берүү системасында социалдык-экономикалык жана гуманитардык дисциплиналарды андан ары окуу үчүн жетиштүү болгон, коом тууралсында билимдердин зарыл системасын өздөштүрүү.

### Предметтин милдети

- Окуучуларды маалыматты издөөгө жана өз алдынча түшүнүүгө кызыктыруу.
- Окуучуларда сынчыл ой жүгүртүү, рефлексия көндүмдөрүн жана билдирүүлөрдүн тексттерин түшүнүүнү калыптандыруу.
- Окуучуларда социалдык мейкиндикте өз алдынча багыт алуу жөндөмдүүлүгүн, социалдык өзгөрүүлөргө конструктивдүү реакциясын, жеке статустук позициясын табууну жана ага тийиштүү социалдык ролду аткаруу жөндөмдүүлүгүн жаратуу.
- Окуучуларга адамзаттын азыркы глобалдык көйгөйлөрү, ошондой эле аларды чечүүнүн жолдору жана перспективалары жөнүндө түшүнүк берүү.

### Предметтик компетенттүүлүктөр

Жогорку мектепте «Адам жана коом» предметинин максаттары жана милдеттерине ылайык үч предметтик компетенттүүлүк көрсөтүлгөн: *жарандык-укуктук, социалдык-экономикалык, баалуулук-багыттык.*

**Жарандык-укуктук** – чечилүүчү милдеттерге жана түзүлгөн жагдайларга жарандык-укуктук билимдерин жана көндүмдөрүн колдонуу жана ыңгайлаштыруу, өзүнүн жарандык позициясын ээлөө жана жактоо, өзүнүн жарандык демилгелерин жүзөгө ашыруу, укук тартибин сактоого көмөктөшүү жөндөмдүүлүгү.

**Социалдык-экономикалык** – коомдун социалдык-экономикалык жашоосуна байланыштуу жагдайларды, көрүнүштөрдү, маалыматтарды өз алдынча баамдоо, өзүнүн жүрүм-турумун жашоонун конкреттүү жагдайларына ылайыкташтыруу, экономикалык максатка ылайыктуулуктун, укуктук логиканын, эстетикалык ченемдердин негизинде чечимдерди кабыл алуу, командалык иштин алкагында коюлган максаттарды натыйжалуу чечүү жана көйгөйлөрдөн чыгуунун жолун табуу жөндөмдүүлүгү.

**Баалуулук-багыттык** – реалдуу дүйнөгө баалуулук катары мамиле жасоо, жеке максаттарды жана маанилерди аныктоо, өзүнүн жеке жашоосунда аларды долбоорлоо жана ишке ашыруу, өзүнүн жеке максаттарын жана умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен айкалыштыра билүү, алынган маалыматты сынчыл баамдоо жөндөмдүүлүгүн иштеп чыгаруу жөндөмдүүлүгү.

## Күтүлүүчү натыйжалар

Программа окуучуларда предметтик жана базалык компетенциялардын калыптануусун көздөйт. «Адам жана коом» предметин окуунун натыйжасында окуучу:

**Билет / түшүнөт:**

- инсандын калыптануусунун өзгөчөлүктөрүн, социалдаштыруунун негизги баскычтарын, коомдук мамилелер системасында социалдык статустарды жана инсандын социалдык ролун аныктоочу факторлорду;
- татаал система катары коомдук базалык мүнөздөмөлөрүн, эң маанилүү социалдык институттардын жана механизмдердин өзгөчөлүктөрүн, алардын инсанга карата таасирин;
- социалдык ченемдердин, социалдык мамилелерди жөнгө салуунун ыкмаларынын, социалдык санкциялардын топтомунун маанисин;
- социалдык тутумчалардын (экономика, саясат, маданият) түзүлүшүнүн жана ишинин спецификасын;
- Дүйнөлүк Коомдоштуктун жана глобалдаштыруу жараяндарынын мүнөздөмөлөрүн.

**Аткара алат:**

- олуттуу белгилерин жана өнүгүүсүнүн закон ченемдүүлүктөрүн бөлүп кароо менен негизги социалдык объектилерди сүрөттөөнү;
- коом таануунун терминдерин жана түшүнүктөрүн реалдуу окулуучу социалдык көрүнүштөрдүн өзгөчөлүктөрү жана белгилери менен салыштырууну;
- социалдык көрүнүштөрдүн (адам жана коом; коомдук институттар жана табигый чөйрө, коом жана маданият) өз ара аракеттешүүсүнүн себеп-натыйжалаш жана функционалдык байланыштарын түшүндүрүүнү;
- ар кандай булактардан фунционалдуу маанилүү маалыматты издөөнү;

- иретсиз социалдык маалыматты системалаштырууну, талдоону жана жалпылоону; анда фактыларды жана пикирлерди, аргументтерди жана корутундуларды айырмалай билүүнү;

- актуалдуу социалдык маселелер боюнча аргументтелген жеке көз карашын түзүүнү;

- социалдык ченемдер, саясий максатка ылайыктуулук жана экономикалык рационалдуулук көз карашынан алганда адамдардын иш-аракеттерин баалоону.

**Алган билимин жана билгичтиктерин жеке ишинде жана күндөлүк турмушта төмөнкүлөр үчүн колдоно алат:**

- таанып билүү ишмердүүлүгүн өнүктүрүү, маалыматты сынчыл кабыл алуу;

- ар кандай социалдык топтор, институттар, уюмдар менен жигердүү өз ара иштешүү процессинде маанилүү социалдык ролдорду аткаруу;

- социалдык иште келип чыгуучу турмуштук көйгөйлөрдү чечүү;

- Кыргыз Республикасында болуп жаткан социалдык-саясий жараяндарга карата жеке жана жарандык позицияларын аныктоо;

- жеке социалдык иш-аракеттеринин жана конкреттүү жагдайларда аракетсиздигинин мүмкүн болгон кесепеттерин баалоо;

- окуяларды жана адамдардын көз карашын моралдык жана укуктук көз караштан баалоо;

- жарандык жана жеке укуктарды жүзөгө ашыруу жана коргоо;

- өзүнүн жарандык милдеттерин түшүнүү менен аткаруу;

- башка маданий баалуулуктардын, саясий ынанымдардын, жашоо образынын адамдары менен конструктивдүү өз ара аракеттешүү.

## ОРТО МЕКТЕПТИН ПРОГРАММАСЫ «АДАМ ЖАНА КООМ» ПРЕДМЕТИНИН МАЗМУНУ

## Х КЛАСС

### КИРИШҮҮ (1 саат)

Коомдук илимдер эмнени окутат. Коом түшүнүгү. Коомдун тутумчалары – коомдук жашоонун чөйрөлөрү: экономикалык, социалдык, саясий, руханий. Коом жөнүндө билимдерди өнүктүрүү, жалпы цивилизациялык баалуулуктарды калыптандыруу – «Адам жана коом» предметинин мазмунунун базистик негизи.

### 1-бөлүм. АДАМ (4 саат)

#### 1-тема. Адам деген ким?

Адам, индивид, жекечелик. Адамдын кызыгуулары, керектөөлөрү жана мүмкүнчүлүктөрү. Керектөөлөрдүн калыптануусунда ММК жана жарнамалардын ролу.

***№ 1 Практикалык иш.*** Жеке жана коомдук кызыкчылыктарды, коомдун керектөөлөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн салыштырмалуу баалоо.

#### 2-тема. Адам – инсан

Инсан, анын калыптануусуна таасир тийгизген факторлор. Инсандын сапаттары. Күчтүү инсан. Инсандын эркиндиги жана жоопкерчилиги. Инсандын баалуулук багыттары. Дүйнө таанымы, ынанымы, ишеними. Патриоттуулук жана жарандык.

**3-тема. Адам дүйнөнү таануусу**

Бир адамдын жана бүтүндөй адамзатынын жашоосунда билимдердин ролу. Адам билиминин формаларынын көп түрдүүлүгү. Илимий жана илимий эмес таанып билүү. Социалдык таанып билүү. Фактылар, интерпретациялар, баалоолор.

**4-тема. Өзүн өзү таануу жана жеке дараметин ишке ашыруу**

Өзүн өзү таанудагы жаш-куракттык айырмачылыктар. Өзүн өзү кабылдоо жана өзүн өзү баалоо. Жеке потенциалын ишке ашыруу. Жашоо жолун тандоо: келечектеги билим жана эмгек иштерин өзү аныктоо.

***№ 2 Практикалык иш.*** Адамдын жашоодогу ийгилигин түзүүчүлөрдөн жана өзүнүн болочок билим жана эмгек ишмердүүлүгүн пландаштыруудан схема түзүү.

**Терминдер жана түшүнүктөр:** *«Адам – бисоциалдык жан», индивид, индивидуалдык, мүнөз, темперамент, кызыкчылыктар, керектөөлөр, жөндөмдүүлүктөр, мүмкүнчүлүктөр, инсан, аң-сезим, эркиндик, жоопкерчилик, баалуулук, көз караш, патриоттуулук, жарандык, чындык, илимий эксперимент, мифтер, фактылар, өзүн-өзү баалоо, жеке дараметин ишке ашыруу, өзүн өзү аныктоо.*

**2-бөлүм. АДАМ СОЦИАЛДЫК МАМИЛЕЛЕР СИСТЕМАСЫНДА (12 саат)**

**5-тема. Коомдун социалдык түзүмү**

Социалдык түзүм түшүнүгү. Социалдык дифференциация. Класстар (страттар). Коомдук адам (үй-бүлө, класс, этнос, улут, муун). Социалдык мобилдүүлүк. Социалдык лифттер. Люмпендер жана маргиналдар.

**6-тема. Үй-бүлө институту**

Коомдо адамдын мааниси жана функциялары. Үй-бүлөдө жана коомдо гендердик ролдор. Үй-бүлөлөрдүн түрлөрү. Үй-бүлө куруу. Нике келишими.

**7-тема. Инсандын социалдык статусу**

Социалдык статус. Буйруган жана жетүүчү статустар. Социалдык ролдор. Инсандын социалдашуусу. Таасирдин агенттери (үй-бүлө, курдаштардын тобу, мектеп, ЖМК). Социалдык адаптация.

**8-9-темалар. Баарлашуу жана чыр-чатактуулук**

Топтун коммуникативдик түзүлүшү. Чыр-чатак түшүнүгү. Чыр-чатактар: ички (жеке), эки адамдын ортосунда, топтордун ортосунда, социалдык жана глобалдык. Кабыл алуу стереотиптери жана адаттар. Чыр-чатактарды чечүүнүн жолдору. Жаш куракта баарлашуу. Социалдык тармактарда баарлашуу. Коммуникациялык жана маалыматтык алмашуу жараяндарында келип чыккан коркунучтар.

***№ 3 Практикалык иш.*** Дүйнөнүн башка аймактарында үй-бүлөдөгү жана коомдогу кабыл алуу стереотиптеринин жана адаттардын салыштырмалуу мүнөздөмөсү.

**10-11-темалар. Социалдык көзөмөл жана терс жүрүм-турум**

Социалдык ченемдер. Социалдык ченемдердин түрлөрү. Терс жүрүм-турум, анын себептери жана алдын алуу. Социалдык көзөмөл жана өзүн-өзү көзөмөлдөө. Кыргызстанда социалдык көзөмөл механизмдери.

**12-13-темалар. Маданият жана коом**

Коомдун маданияты жана анын бөлүктөрү. Субмаданияттар жана контрмаданияттар. Жаштар субмаданияттары. Кыргызстандын коомунун маданиятынын өзгөчөлүктөрү. Улуттар аралык мамилелердин маданияты. Маданий продукциянын атамекендик азыркы керектөөчүсүнүн «портрети».

***№ 4 Практикалык иш.*** Кыргызстандын аймагында жана дүйнөнүн башка аймактарында жашаган элдердин маданиятындагы формалдуу жана формалдуу эмес эрежелердин мүнөздөмөсү.

**14-15-темалар. Жашоонун адеп-ахлактык негиздери**

Мораль жана адеп-ахлак. Моралдык философия: *жакшылык жана жамандык.* Инсандын моралдык баасы. Чынчылдык жана абийир. Жек көрүү. Топтук жек көрүүнүн коомдук кооптуулугу. Адамдын жана коомдун жашоосундагы мораль. Моралдык тандоо. Адеп-ахлактык маданият. Никенин жана үй-бүлөнүн адеп-ахлактык негиздери. Жалпы адамзаттык моралдык баалуулуктар.

**Кайталоо – 1 саат.**

**Терминдер жана түшүнүктөр:** *социалдык түзүлүш, үй-бүлө, класс, этнос, улут, муун, класс, страта, социалдык топ, социалдык дифференциация, социалдык теңсиздик, социалдык мобилдүүлүк, «социалдык лифт», люмпенчилик, маргиналдар, нуклеардык үй-бүлө, урукташ үй-бүлө, гендердик ролдор, социалдык статус, престиж, аброй, социалдык роль, инсандын социалдашуусу, социалдык адаптация, жаңжал, стереотиптер, адаттар, социалдык ченемдер, социалдык көзөмөл, маданият, субмаданият, контрмаданият, мораль, адеп-ахлак, этика, «жакшылык жана жамандык», чынчылдык, абийир, жек көрүү, моралдык тандоо, адеп-ахлактык маданият, моралдык баалуулуктар.*

**3-бөлүм. ЭКОНОМИКАЛЫК НЕГИЗДЕР ЖАНА КАРЖЫЛЫК САБАТТУУЛУК (9 саат)**

**16-тема. Экономикалык айланым**

Экономикалык айланым түшүнүгү. Жөнөкөй жана кеңейтилген айланым. Жеке үй-чарбалары, ишканалар, экономикалык айланымдын түзүмүндө мамлекет жана банктар. Товардык жана акча агымы. Акчалардын жана банктардын функциялары.

**17-тема. Өндүрүүчүнүн экономикасы**

Ресурстар, алардын чектелгендиги. Өндүрүштүн факторлору. Эмгектин бөлүнүшү жана адистештирилиши. Өндүрүмдүүлүк. Коромжулар жана киреше. Өндүрүүчүнүн рационалдуу жана этикалуу жүрүм-туруму.

**18-тема. Керектөөчүнүн экономикасы**

Керектөө. Керектөөлөрдүн классификациясы. А. Маслоу пирамидасы. Эркин жана экономикалык жыргалдар. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр. Керектөөчүнүн рационалдуу жана этикалуу жүрүм-туруму. Этикалуу керектөөнүн принциптери. Тиричилик таштандылар көйгөйүн чечүүнүн ыкмалары.

**19-тема. Рыноктун экономикалык принциптери жана түрлөрү**

Товарлардын чектелгендиги. Минимизация принциби, Максимизация принциби. Рынок. Рыноктун түрлөрү. Жеткилең атаандаштык. Монополия, олигополия, полиполия.

**20-тема. Рынокто баанын түзүлүшү**

Суроо-талап жана сунуш. Суроо-талаптын жана сунуштун ийреги. Суроо-талаптын жана сунуштун мыйзамы. Рыноктук тең салмактуулук.

**21-тема. Жеке үй-чарбачылыгынын бюджети**

Жеке үй-чарбачылыгынын кирешелери. Жеке үй-чарбачылыгынын туруктуу жана өзгөрмө чыгымдары. Жашоо деңгээли жана тиричилик минимуму. Үй-бүлө бюджетин пландаштыруу.

***№ 5 Практикалык иш.*** Үй-бүлө бюджетин түзүү.

**22-тема. Жеке топтоолор жана камсыздандыруу**

Жеке топтоолор. Үнөмдөлгөн акчаны банкта сактоо. Акча жана инфляция. Үнөмдөлгөн акчалардын коом үчүн мааниси. Адамдын жана коомдун жашоосунда камсыздандыруунун ролу. Камсыздандыруунун түрлөрү.

**23-тема. Каржы-математикалык эсептөөлөрдүн негиздери**

Жөнөкөй пайыздардын формуласы. Татаал пайыз жана алардын таасири тууралуу түшүнүк. Каржы-математикалык маселелерди чечүү.

***№ 6 Практикалык иш.*** Жөнөкөй пайыздардын эсеби.

**Кайталоо – 1 саат.**

**Терминдер жана түшүнүктөр:** *экономикалык айланым, жеке үй-чарбасы, акча, банктар, ресурстар, ресурстардын чектелгендиги, өндүрүш факторлору, эмгектин бөлүнүшү, эмгектин адистештирилиши, өндүрүмдүүлүк, коромжулар, киреше, «жашыл өндүрүш», өндүрүүчүнүн этикасы, керектөөлөр, А.Маслоу пирамидасы, эркин жыргалдар, экономикалык жыргалдар, минимизация принциби, максимизация принциби, рынок, жеткилең атаандаштык, монополия, олигополия, полиполия, суроо-талап, сунуш, суроо-*

*талап мыйзамы, сунуш мыйзамы, рыноктук тең салмактуулук, жеке үй-чарбачылыгынын кирешелери, жашоо деңгээли, тиричилик минимуму, үй-бүлөлүк бюджет, сальдо, жеке топтоолор, үнөмдөлгөн акчаларды банкта топтоо, инфляция, камсыздандыруу жөнөкөй пайыз, татаал пайыздан натыйжа.*

**4-бөлүм. КООМДУК ӨНҮГҮҮ ЖАНА ЖАРАНДЫК КАТЫШУУ (8 СААТ)**

**24-тема. Экономикада мамлекеттин ролу**

Экономикада мамлекеттин функциясы. Рыноктун «фиаскосу». Мамлекеттин экономикага кийлигишүүсүнүн себептери: рыноктун иши үчүн укуктук базаны түзүү (лицензиялоо, тастыкташтыруу, стандартташтыруу), мамлекет коомдук жыргалдарды жаратуусу, кыйыр натыйжаларды четтетүү, монополияга каршы жөнгө салуу.

**25-26-темалар. Жаран жана мамлекет**

Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүмүнүн негиз салуучу принциптери. Жаран, анын укуктары (жарандык, экономикалык, ишеним эркиндиги, социалдык, саясий, маданий). Жарандын милдеттери. Укуктук мамлекет жана жарандык коом.

**Долбоор:** «Өзүнүн мамлекети, анын тарыхы, маданияты, тили, каада-салттары жөнүндө презентацияларды түзүү жана жайгаштыруу (анын ичинде Интернет тармагында)».

**27-тема. Кыргыз Республикасында бийликтин жергиликтүү органдары**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана Кыргызстанда өзүн-өзү уюштуруунун өзгөчө түрлөрү (жамааттар, трайбалар, ашар, курултай, махалля).

***№ 7 Практикалык иш.*** «Кыргызстанда мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун административдик түзүлүшү» схемасын түзүү.

**28-тема. Укук институту**

Укук системасы. Укуктун булактары. Ченемдик актылар. Укуктун тармактары (мамлекеттик, административдик, жарандык, эмгек, үй-бүлөлүк, кылмыш). Адам укуктарын сотто коргоо.

**29-тема. Укук бузуу жана жоопкерчилик**

Укук бузуу Юридикалык жоопкерчиликтин түрлөрү. Укук ченемдүү жүрүм-турум. Укуктук аң-сезим. Жарандын укуктук маданияты.

**30-тема. Жарандык позиция жана адамдын жигердүүлүгү**

Коомдук өнүгүү маселелери жана аларды чечүү. Жарандын коомдун жашоосуна катышуусу.

**Долбоор:** «Өз шаарымда (айылымда) жашоо шарттарын жакшыртуу үчүн мен эмне кыла алам?»

**Түшүнүктөр жана терминдер:** *рыноктун «фиаскосу», лицензиялоо, тастыкташтыруу, стандарт, коомдук жыргалдар, кыйыр натыйжалар, монополияга каршы жөнгө салуу, жаран, жергиликтүү өз алдынча башкаруу, жамааттар, трайбалар, ашар, курултай, махалля, укук тутуму, жалпы жана жеке укук, ченемдик акт, укук тармактары, укук бузуу, юридикалык жоопкерчилик, укук ченемдүү жүрүм-турум, укуктук аң-сезим, укуктук маданият, коомдук жигердүүлүк.*

**Жыйынтык кайталоо – 1 саат.**

**МИЛДЕТТҮҮ ЖЫЙЫНТЫКТАРГА ТАЛАПТАР**

***«Адам жана коом» предметин окуунун натыйжасында X класстын окуучусу:***

- Азыркы коомдо инсандын ийгилигинин факторлорун аныктайт, өзүнүн кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн коомдун кызыкчылыктары менен айкалыштырат, өзүнүн кийинки билим алуу багытын пландаштырат.
- Коомдук адамдын белгилерин атайт, коомдун социалдык түзүмү жана социалдык дифференциация түшүнүгүн чечмелейт, социалдык мобилдүүлүктүн жана социалдык лифттердин мисалдарын келтирет.
- Гендердик айырмачылыктарды сүрөттөйт, үй-бүлөдө жана коомдо гендердик ролдорго карата өзүнүн позициясын далилдейт.
- Социалдык маселелерди жана жаңжалдарды чечүүнүн укук ченемдүү ыкмаларын колдонот, манипуляциялардын, терс жүрүм-турумдун маанисин жана кооптуулугун түшүндүрөт, адамдардын социумда туура жүрүм-турумунун жеке кодексин иштеп чыгарат.
- Көп түрдүүлүктү жана теңдикти коргоо жаатында мыйзамдардын негизги жоболорун атайт, кабыл алуунун стереотиптерин, агрессивдүү улутчулдукту, расизмди жана чыдамсыздыкты жеңип чыгууга умтулуусун көрсөтөт, агрессивдүү жүрүм-турумга каршы турат жана этностор аралык ачык жаңжалдын өнүгүүсүнүн алдын алат.
- Маданий продукциянын, жаштар маданиятынын, субмаданияттардын, контрмаданияттардын атамекендик керектөөчүсүнүн өзгөчөлүктөрүн мүнөздөйт, азыркыны далилдейт.
- Мораль жана адеп-ахлак түшүнүктөрүнүн маанисин чечмелейт, мораль жана адеп-ахлак көз карашынан алып караганда конкреттүү жагдайларда өзүнүн жана адамдардын жасаган ишин баалайт, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга урматын билдирет.
- Өндүрүүчүнүн жана керектөөчүнүн рационалдык жана этикалык жүрүм-турумунун принциптерин кыскача түшүндүрөт жана негиздейт, булгоочу өндүрүш жана тиричилик таштандылары көйгөйлөрү боюнча өзүнүн чечимдерин сунуштайт.
- Банктык пайыздарды эсептейт, банктарды жана депозиттик өнүмдөрдү тандоо боюнча чечим кабыл алат, жеке жана үй-бүлөлүк бюджетти түзөт.
- Үнөмдөлгөн каражаттар жана камсыздандыруу адамдардын бакубатчылыгын кантип жогорулата аларын түшүндүрөт.
- Экономикада мамлекеттин максаттарын жана функцияларын чечмелейт, экономикага анын кийлигишүүсүнүн себептерин негиздейт.

- Төмөнкү түшүнүктөрдүн маанисин чечмелейт: лицензиялоо, тастыкташтыруу, стандартташтыруу, кыйыр натыйжалар, коомдук жыргалдардын мисалдарын келтирет.
- Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүмүн сүрөттөйт, төмөнкү адам укуктарынын мисалын келтирет: жарандык экономикалык, социалдык, саясий, маданий, жарандын милдеттери.
- Улуттук тарыхка, маданиятка, тилге жана салттарга кызыгуусун жана урматын билдирет, өзүнүн мамлекети, анын тарыхы, маданияты, тили, каада-салттары жөнүндө презентация түзөт жана жайгаштырат (анын ичинде Интернет тармагында).
- Укуктук мамлекеттин белгилерин атайт, Кыргызстанда жарандык коомдун жана өз алдынча башкаруу органдарынын түзүмүн сүрөттөйт.
- Ченемдик документтерди колдонуунун негизинде өзүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын жактай жана коргой билүүсүн көрсөтөт.
- Мыйзамга каршы иш-аракеттердин жана алар үчүн жоопкерчиликтин түрлөрүн мүнөздөйт, башка адамдын укуктарын жана эркиндиктерин, укуктук институттарды, укуктук тартипти урматтоо укук ченемдерин сактоо зарылчылыгына ички ынанымын билдирет.
- Кыргызстанда жашоо сапатын жакшыртууга кызыкдарлыгын билдирет, өз алдынча башкаруу иштерине, волонтерлук ишке, коомдоштуктарга катышат.

## XI КЛАСС

**КИРИШҮҮ (1 саат)**

Коом таануу жана жарандык билим бизге эмнеге керек? Окуучулардын негизги мектептин, X класстын курстарында, тарых, география сабактарында алган билимдерин актуалдаштыруу.

**1-бөлүм. ИНСАНДЫК ӨНҮГҮҮ (4 саат)**

**1-тема. Инсан жана анын касиеттери**

Инсандын жеке өзгөчөлүктөрү: биологиялык (жөндөмдөрү, темпераменти), психологиялык (мүнөз, эмоциялар, эрктүүлүк касиеттери, интеллект), социалдык (багыттуулугу, социалдык тажрыйбасы), руханий (адеп-ахлагы, маданияты, билимдүүлүгү). Инсандын туруктуулугу.

**2-тема. Инсандын багыттуулугу**

Адамдык жана жеке наркы. Жүрүм-турумунун жүйөлөрү. Таанып билүү кызыгуулары. Инсандын коомдук жигердүүлүгү. Инсандын коомдук багыттуулугу. Жашоо баалуулуктары.

**3-тема. Жеке жашоону башкаруу жана баалоо**

Өзүн өзү баалоо, максатка умтулуучулук жана жетишкендиктер. Эмгектин жана кесиптик ишмердүүлүктүн жүйөлөрү.

***№ 1 Практикалык иш.*** Инсандык касиеттерди, жөндөмдүүлүктөрдү, эмгектин жана кесиптик кызыкчылыктарды өз алдынча баалоо.

***№ 2 Практикалык иш.*** Өзүнүн мындан аркы билим алуусунун пландарын жана эмгек ишмердүүлүгүнүн перспективаларын долбоорлоо.

**Терминдер жана түшүнүктөр:** *жөндөмдүүлүк, темперамент, мүнөз, эмоциялар, эрктүүлүк касиеттери, интеллект, социалдык тажрыйба, адеп-ахлак, маданият, билимдүүлүк, инсандын туруктуулугу, инсандын багыттуулугу, адамдык жана жеке наркы, инсандык коомдук жигердүүлүгү, инсандын коомдук багыттуулугу, жашоо баалуулуктары, өзүн өзү баалоо, максатка умтулуучулук, кесипке багыт.*

**2-бөлүм. СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ӨНҮГҮҮНҮН МАСЕЛЕЛЕРИ (12 саат)**

**4-5-темалар. Дүйнөнүн цивилизациялык көп түрдүүлүгү**

Дүйнөнүн цивилизациялык көп түрдүүлүгүнүн себептери. Салттуу коом. Индустриалдык коом. Өсүүнүн чектери. Постиндустриалдык цивилизация. Кыргызстандын азыркы коому.

***№ 3 Практикалык иш.*** Коомдук-тарыхый өнүгүүнү талдоого карата ар кандай ык-амалдардын салыштырмалуу мүнөздөмөсү, салттуу, индустриалдык жана постиндустриалдык коомдун мүнөздүү белгилери.

**6-тема. Заманбап коомдогу үй-бүлө**

Заманбап үй-бүлөнүн өзгөчөлүктөрү. Ар кандай коомдордо эркектердин жана аялдардын ортосундагы мамилелер. Ар кандай үй-бүлөлүк салттар. Кыргызстандагы үй-бүлөлүк салттар. Жеке менчик жана үй-бүлө. Инсандын жеке потенциалын ийгиликтүү ишке ашырууда үй-бүлөнүн мааниси.

**7-тема. Этникалык өз ара мамилелер**

Этникалык жалпылыктар. Тарыхый эс-тутум. Улуттук аң-сезим. Маданияттар аралык толеранттуулук. Кыргызстанда улуттар аралык тынчтыкты колдоо.

**8-тема. Дин азыркы дүйнөдө**

Дин жана диний көз караштар. Дүйнөлүк диндер. Кыргыз Республикасындагы диний бирикмелер. Диний экстремизмдин кооптуулугу. Динди урматтоо.

**9-10-темалар. Коомдун социалдык-маданий көйгөйлөрү**

Маданияттын түрлөрү. Илим. Илимдин максаттары жана функциялары. Илимдин этикасы. Заманбап дүйнөдө билимдин ролу. Искусство. Кыргызстандын илиминин жана маданиятынын көрүнүктүү ишмерлери. Инсан жана коом үчүн маданиятсыздыктын, кылмыштуулуктун, баңгиликтин, маданияттан четтөөнүн масштабдарынын өсүшүнүн себептери жана алардын кесепеттери.

**Долбоор:** «Кыргызстанда актуалдуу социалдык-маданий көйгөйлөр».

**11-12-темалар. Шайлоо системалары жана демократия**

Бийлик. Демократия жана аны жүзөгө ашыруунун формалары. Демократиялык шайлоолор. Эркин жана таза шайлоонун минималдык ченемдери. Шайлоо системалары: мажоритардык, пропорционалдык, аралаш. Кыргызстандын шайлоо системалары. Кыргызстандын саясий кыймылдары жана партиялары. Улуттук кызыкчылык. Улуттук коопсуздук.

**13-тема. Коррупция**

Коррупция түшүнүгү. Коррупциялык иш-аракеттерге ким катышат. Коррупциянын себептери. Саясатка жана бийликке таасирин тийгизген криминалдык түзүмдөр. Коррупциянын кесепеттери. Кыргызстанда коррупция көйгөйү. Коррупция менен күрөшүүнүн чаралары. Коррупция жана адеп-ахлактык тандоо.

**14-тема. Медиа-сабаттуулук жана маалыматтык коопсуздук**

Массалык коммуникациялар түшүнүгү. Массалык коммуникацияны камсыздоочу техникалык каражаттар. Адамдарга жана маданиятка массалык коммуникациялардын каражаттарынын таасири. ММКдагы этика маселелери жана маалыматтык коопсуздук.

**15-тема. Эл аралык укук**

Адам укуктарын эл аралык коргоо. Эл аралык гуманитардык укук. Адам укуктары жөнүндө эл аралык документтер. Кыргызстанда адамдын жана жарандын укуктарын ишке ашыруунун көйгөйлөрү, аларды коргоодо укук коргоочу уюмдардын (анын ичинде эл аралык) ролу.

**Кайталоо – 1 саат.**

**Терминдер жана түшүнүктөр:** *тарыхый чөйрө, салттуу коом, индустриалдык коом, өсүүнүн чектери, постиндустриалдык цивилизация, майорат, минорат, мурас, эл , улут, этнос, тарыхый эс тутум, улуттук аң-сезим, менталитет, диний экстремизм, дин, диний көз караш, дин эркиндиги, дүйнөлүк диндер, буддизм, христианчылык, ислам, адеп-ахлактык парздар, диний экстремизм, динди урматтоо, бийлик, демократия, демократиялык шайлоолор, шайлоо системалары, саясий партия, улуттук кызыкчылык, улуттук коопсуздук, терроризм, коррупция, пара, непотизм, тууганчылык, трайбализм, бюрократизм, сүрөмөлөө, массалык коммуникация, массалык маалымат каражаттары, массалык таасир этүү каражаттары, коммуникациянын техникалык каражаттары, маалыматтык коопсуздук, маданияттын түрлөрү, илим этикасы, автордук укук, социомаданий чөйрө, эстетикалык ченемдер, адам укуктары укуктарды коргоо.*

**3-бөлүм. ЭКОНОМИКА ЖАНА КООМДУН ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮСҮ (12 саат)**

**16-17-темалар. Туруктуу коомдук өнүгүү**

Адамзат өнүгүүсү. Туруктуу коомдук өнүгүүнүн максаттары, каражаттары жана милдеттери. ИДӨ (ички дүң өнүм) жана УДӨ (улуттук дүң өнүм). Киши башына киреше. Экономикалык өсүш. Экономикалык саясат. Кыргызстанда азыркы экономикалык саясаттын максаттары жана милдеттери.

**18-19-темалар. Каржы жана каржы саясаты**

Каржы саясаты. Бюджеттик жана фискалдык саясат. Салыктар. КР Салык кодекси. Салыктардын түрлөрү. Мамлекеттик бюджет. Бюджеттен тышкаркы фонддор. Бюджеттин кирешелеринин булактары. Бюджеттин чыгымдарынын багыттары. Мамлекеттик карыз жана аны жабуунун булактары.

**20-21-темалар. Акча-насыялык жана турукташтыруу саясаты**

Акча айланымы. Акча массасы. Акча айланымынын мыйзамы. Инфляция. Инфляциянын түрлөрү жана кесепеттери. Банк системасы. Кыргызстандын Улуттук банкынын функциялары. Насыянын формалары жана түрлөрү. Улуттук банктын акча айланымын жөнгө салуу боюнча инструменттери, учеттук чен, милдеттүү резервдин ченеми, ачык рыноктогу операциялар. экономиканын циклдик өнүгүүсү. Экономикалык цикл. Экономикалык каатчылыктардын себептери. Турукташтыруучу саясат.

**22-23-темалар. Мамлекеттин социалдык саясаты**

Социалдык теңсиздик. Коомдо кирешелерди бөлүштүрүүнүн принциптери. Социалдык саясаттын мааниси жана багыттары. Жумушсуздук, анын түрлөрү жана кесепеттери. Жумушсуздуктун деңгээли. Жумуштуулук саясатынын мааниси жана багыттары. Кыргызстанда жумуштуулук саясаты жана жумушсуздарга жардам. Эмгек биржасы.

**24-25-темалар. Коомдук өнүгүүнүн улуттук стратегиясы**

Жарандык ынтымак жана конституциялык тартип туруктуу коомдук өнүгүүнүн шарты катары. Кыргызстанда жакырчылык көйгөйү. Кирешелердин теңсиздигин өлчөө (Лоренц ийреги, Джинни индекси). Кирешелерде теңсиздикти жумшартуунун ыкмалары. Адамзат өнүгүүсүнүн индекси (АӨИ). Улуттук байлыктын түзүмү: адамдык ресурстар, өндүрүш капиталы, жаратылыш капиталы.

***№ 5 Практикалык иш.*** Кыргызстандын улуттук байлыгынын эсеби.

**Долбоор:** «Кыргызстан үчүн туруктуу коомдук өнүгүүнүн актуалдуу милдеттери жана аларды чечүү ыкмалары».

**26-тема. Дүйнөлүк экономика**

Дүйнөлүк экономиканын калыптануусунун этаптары. Эл аралык экономикалык мамилелердин түрлөрү. Эмгектин эл аралык бөлүнүшү. Эл аралык сооданын теориясы (абсолюттук жана салыштырмалуу артыкчылыктардын).

**27-тема. Эл аралык экономикалык интеграция**

Эл аралык экономикалык уюмдар: ЭВФ, Дүйнөлүк банк, ДСУ. Евразия экономикалык биримдиги. Эл аралык экономикалык мамилелер системасында Кыргызстандын орду.

***№ 4 Практикалык иш.*** «Кыргызстан эл аралык экономикалык мамилелер системасында» схемасын түзүү.

**Кайталоо – 1 саат.**

**Терминдер жана түшүнүктөр:** *адамзаттын өнүгүүсү, туруктуу коомдук өнүгүү, ИДӨ, УДӨ, экономикалык өсүш, «киши башына киреше», эл аралык экономикалык интеграция, Евразия экономикалык биримдиги, бюджеттик саясат, фискалдык саясат, салык, салык кодекси, мамлекеттик бюджет, бюджеттен тышкаркы фонд, акча айланымы, акча массасы, акча айланымынын мыйзамы, жылма инфляция, таскактаган инфляция, гиперинфляция, банк системасы, УБ, насыя, учеттук чен, милдеттүү резерв ченеми, ачык рыноктогу операциялар, социалдык теңсиздик, социалдык саясат, жумушсуздук, жумушсуздуктун деңгээли, жумуштуулук саясаты, эмгек биржасы, жарандык ынтымактуулук, конституциялык тартип, жакырчылык, Лоренц ийреги, Джинни индекси, прогрессивдүү салык салуу, АӨИ, улуттук байлык, эмгектин эл аралык бөлүнүшү, абсолюттук жана салыштырмалуу артыкчылыктар.*

**4-бөлүм. АЗЫРКЫ ЗАМАНДЫН ГЛОБАЛДЫК КӨЙГӨЙЛӨРҮ (5 саат)**

**28-тема. Дүйнөлүк чарбачылыктын глобалдашуусу**

Дүйнөлүк чарбачылыктын глобалдашуусу. Эл аралык корпорациялар. Офшор аймагы. Глобалдашуунун «оң» жана «терс» жактары. Антиглобалисттик кыймылдар.

**29-тема. Илимий-техникалык прогресс**

Илимий-техникалык прогресс. Илимий-техникалык революция. Компьютердик революция. ИТРдин экономикалык жана социалдык кесепеттери.

**30-31-темалар. Глобалдык көйгөйлөр**

Глобалдык көйгөйлөрдүн келип чыгуусунун себептери. Жерде тынчтыкты сактоонун көйгөйлөрү. Азыркы замандагы экстремизм жана терроризм. Тынчтыкты куруу маселелери. Демографиялык фактор жана азык-түлүк маселеси. Экологиялык кризис. ИТР жана табигый чөйрө. ИТР жана экологиялык альтернатива. Глобалдык көйгөйлөрдүн өз ара байланышы. Кыргызстан үчүн актуалдуу глобалдуу көйгөйлөр, алардын келип чыгуу себептери жана трансформациялары.

***№ 6 Практикалык иш.*** Глобалдык көйгөйлөрдүн ортосунда өз ара байланышты түзүүнүн схемасы.

**Жыйынтык кайталоо – 1 саат.**

**Терминдер жана түшүнүктөр:** *глобалдашуу, эл аралык корпорациялар, офшор аймагы, ИТП, ИТР, технология, компьютердик революция, гендик инженерия, глобалдык көйгөйлөр, керектөө стандарты, экстремизм, терроризм, азык-түлүк көйгөйү, экологиялык кризис, экологиялык альтернатива, ноосфера.*

## МИЛДЕТТҮҮ ЖЫЙЫНТЫКТАРГА ТАЛАПТАР

***«Адам жана коом» предметин окуунун натыйжасында XI класстын окуучусу:***

- Жеке касиеттерине, жөндөмдөрүнө, эмгек жүйөлөрүнө жана кесиптик кызыгууларына өз алдынча баа берет, өзүнүн кийинки билим алуусунун жана эмгек ишмердүүлүгүнүн перспективаларынын пландарын долбоорлойт.
- Коомдук-тарыхый өнүгүүнү талдоого карата ар кандай ык-амалдардын салыштырмалуу мүнөздөмөсүн берет, салттуу, индустриалдык жана постиндустриалдык коомдун мүнөздүү белгилерин аныктайт.
- Заманбап үй-бүлөнүн өзгөчөлүктөрүн мүнөздөйт, инсандын жеке потенциалын ийгиликтүү ишке ашырууда анын маанисин аныктайт.
- Төмөнкү түшүнүктөрдүн маанисин чечмелейт: улут, этнос, улуттук аң-сезим, улутчулдук. Улутчулдук, шовинизм, расизм, геноцид сыяктуу көрүнүштөргө макул эместигин билдирет.
- Азыркы коомдо күнүмдүк турмушка, салттарга жана адамдардын маданиятына диндердин таасирин, Кыргыз Республикасында кездешкен диний бирикмелердин спецификасын мүнөздөйт, диний экстремизмдин кооптуулугун мисалдар менен далилдейт.
- Азыркы коомдун маданиятында илимдин, маданияттын жана искусствонун маңызын жана маанисин түшүндүрөт, Кыргызстандын илиминин жана маданиятынын чыгаан ишмерлерин атайт.
- Инсан жана коом үчүн маданиятсыздыктын, кылмыштуулуктун, баңгиликтин, маданияттан четтөөнүн масштабдарынын өсүшүнүн себептерин жана алардын кесепеттерин талдайт, Кыргызстандагы социалдык-маданий көйгөйлөрдү чагылдырган автордук (авторлоштук) медиа-өнүм жаратат.
- Кыргызстандагы шайлоо системасын баяндайт, Кыргыз Республикасында шайлоо институттарына жана коррупцияга карата өзүнүн жеке позициясын негиздейт.
- Адамдарга жана маданиятка массалык маалымат коммуникациялардын каражаттарынын таасирин мүнөздөйт, ММКларда этиканын жана маалыматтык коопсуздуктун маселелерине карата өзүнүн жеке позициясын негиздейт.
- Көз караштардын ар түрдүүлүгүнө түшүнүү менен мамиле жасайт, этникалык, диний жана башка айырмачылыктарга байланыштуу маселелердин оң чечилишине ак ниет мамиле жасайт, дискуссияларда жана жаңжалдуу жагдайларда жеке кызыкчылыктарын жактоонун конструктивдүү ыкмаларын сунуштайт.
- Кыргызстанда адам жана жаран укуктарын жүзөгө ашыруунун мүмкүнчүлүктөрүн жана көйгөйлөрүн талдайт.
- Төмөнкү түшүнүктөрдүн маңыздуу мүнөздөмөлөрүн чечмелейт: туруктуу коомдук өнүгүү жана экономикалык өсүш, Кыргызстанда азыркы экономикалык саясаттын максаттарын жана милдеттерин кыскача баяндайт.
- Кыргызстанда салыктардын түрлөрүн, бюджеттик каражаттарды колдонуунун багыттарын мүнөздөйт, кандай жол менен бюджеттик саясат мамлекетте экономикалык туруктуулукту колдоого өбөлгө түзөрүн түшүндүрөт.
- Социалдык теңсиздиктин, жумушсуздуктун келип чыгуусунун себептерин талдайт, Кыргызстанда жумуштуулук саясатынын жана жумушсуздарга жардамдын маңызын жана багыттарын түшүндүрөт.
- АӨИ элементтерин атайт, Кыргызстандын улуттук байлыктарын эсептейт, Кыргызстандын актуалдуу социалдык-саясий маселелери боюнча жеке пикирин

билдирет жана аргументтер менен аны жактайт, Кыргызстанда туруктуу өнүгүүнүн актуалдуу маселелерин жана аларды чечүүнүн ыкмаларын чагылдырган автордук (авторлоштук) медиа-өнүм жаратат.

- Өзүнүн жергиликтүү коомдоштугунун аларды чечүүгө өзү катыша ала турган социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн тандайт, бул жагдайда жеке өзү эмне кыла ала тургандыгын айтат, ал көйгөйгө жергиликтүү коомчулуктун көңүлүн буруу боюнча иш-аракеттердин планын түзөт, аларды чечүү боюнча иш-чараларды пландаштырат жана жүзөгө ашырат.
- Эл аралык экономикалык мамилелердин түрлөрү, эл аралык соодада абсолюттук жана салыштырма артыкчылыктардын, ЭВФ, Дүйнөлүк банк, ДСУ ортосунда айырмачылыктарды айтат, эл аралык экономикалык мамилелер системасында Кыргызстандын ордун чагылдырган схеманы түзөт.
- Глобалдаштыруунун, илимий техникалык прогресстин, илимий техникалык революциянын «оң» жана «терс» жактарын баалайт, Кыргызстанда глобалдаштыруунун оң жана терс таасирлеринин мисалын келтирет.
- Азыркы заманда терроризм, глобалдык көйгөйлөр жараткан коркунучтарды аныктайт, бул социалдык көрүнүштөргө өзүнүн позициясын билдирет, Кыргызстан үчүн өзүнүн кесепеттери боюнча эң актуалдуу глобалдык көйгөйлөрдүн келип чыгуусунун жана трансформациясынын себептерин талдайт.

## МУГАЛИМ ҮЧҮН МЕТОДИКАЛЫК КӨРСӨТМӨЛӨР

Программа тарых, география, адабият, укук, экономика сабактары менен предметтер аралык байланыштардын, ошондой эле 10-11-класстардын окуучуларынын таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен түзүлгөн.

Предметтин ар бир бөлүмү толук, логикалык жактан бүтүн болуп эсептелет жана анын түзүмдүк бөлүгү катары гана эмес өз алдынча окууга да ылайыктуу.

Программага ылайык ар бир темада окуу убактысынын 50% окуучулардын өз алдынча ишине берилет, бул аларга таанып-билүү жана практикалык иштердин тажрыйбасын алууга мүмкүндүк берет. Окуучулар тарабынан аткарылган иштердин минималдуу топтому өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Социалдык маалыматтын педагогикалык жактан ылайыктуу эмес булактары, анын ичинде коммуникациянын заманбап каражаттары менен иштөө (анын ичинде Интернет ресурстары менен).
- Социалдык-маанилүү маалыматты сынчыл кабыл алуунун негизинде жеке корутундуларын жана тыянактарын чыгаруу.
- Кыргызстанда жана Дүйнөдө социалдык жашоонун процесстеринин жана өзүнчө окуяларынын анализин жүргүзүү, негизги жана экинчи даражадагы факторлорун бөлүп кароо, жыйынтыктарды баалоо жана кесепеттерди божомолдоо менен.
- Социалдык-гуманитардык билимдин актуалдуу маселелерин чагылдырган көйгөйлүү, логикалык, чыгармачылык маселелерди чечүү.
- Социалдык чындыктагы жагдайларды моделдеген окутуучу оюндарга (ролдук, жагдайлык, ишкердик), симуляцияларга катышуу.

- Актуалдуу социалдык көйгөйлөр боюнча дискуссияларга, диспуттарга, дебаттарга катышуу, өзүнүн жеке позициясын түзүү жана өзүнүн жеке көз карашын далилдүү жактоо менен.
- Социалдык проблематика боюнча окуу-изилдөө иштерин жүргүзүү, жеке жана топтук окуучулук долбоорду иштеп чыгуу.
- Жергиликтүү коомдоштуктардын деңгээлинде реалдуу жарандык демилгелерге жана ар кандай уюмдардын (жаштар, бейөкмөт, муниципалдык, саясий) ишине катышуу.

Өз алдынча иштер үчүн дептерлеринде билдирүүлөр, рефлексиялар, эссе, жагдайдык тапшырма-маселелерди чечүү түрүндө аткарылган, окуучулардын өз алдынча иштеринин жогоруда келтирилген түрлөрүнүн жыйынтыктары диагностика жана көзөмөл үчүн негиз болуп саналат. Ар бир бөлүмдү окуунун жыйынтыктары боюнча контролдук тестирлөө жүргүзүлөт, анын тапшырмалары контролдоо-машыгуу тапшырмаларынын негизинде иштелип чыгарылат.

## ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

Окуучулар «Адам жана коом» предмети боюнча предметтик стандарттын талаптарына жооп берүүсүн аныктоо максатында алдын алуу (диагностикалык), калыптандыруучу (формативдик) жана жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо жүргүзүлөт.

**Алдын алуу** баалоо окутуу жараянынын *баштапкы* деңгээлин аныктоого багытталган, мугалим кийин, окуу жылынын ичинде окуучулардын компетенттүүлүгүнүн баштапкы деңгээлин жетишилген аяккы жыйынтыктар менен салыштыруусу үчүн.

**Калыптандыруучу** баалоодо окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен алар окуу *жараянында* материалды өздөштүрүүсүнүн ийгиликтүүлүгү аныкталат, ошондой эле окуу жараянында окуучулар чоң ийгиликке жетишүүсү үчүн сунуш-көрсөтмөлөр иштелип чыгарылат. Баалоонун бул түрү мугалим окутуунун сапатын жакшыртуу үчүн окуу жараянына зарыл коррективаларды өз убагында киргизүүсүнө мүмкүндүк берет. Бул учурда баалар журналда зарылчылык боюнча катталат, ал эми мугалим окуучулардын прогрессине жеке байкоолорунун жыйынтыктарын эркин формада белгилейт.

**Жыйынтыктоочу** баалоо окуучулардын аралык же *жыйынтык* жетишкендикteринин суммардык деңгээлин, компетенцияларынын калыптангандыгын аныктоо үчүн кызмат кылат.

Баалоонун бул түрлөрүн колдонууда салттуу (практикалык, оозеки жана жазуу иштери) жана ошондой эле салттуу эмес ыкмаларды колдонууга болот: окуучулардын ишмердүүлүгүнө жана жүрүм-турумуна системалык байкоо жүргүзүү, портфолио, долбоорлор, изилдөөлөр жана өзүн-өзү баалоо.

## БААЛООНУН БОЛЖОЛДУУ КУРАЛДАРЫ

- ***Текст менен иштөө*** *(сынчыл баалоонун куралы катары).* «Адам жана коом» курсунун алкагында текст окутуунун негизги дидактикалык бириги болуп саналат. Тексттерди талдоо тексттерде камтылган маалымат менен иштөө көндүмдөрүн калыптандырууга өбөлгө түзөт. Ошондуктан, предметтик компетенттүүлүктөрдү баалоодо текст менен иштөө боюнча тапшырмаларды баалоонун так жана ойлонулган чен-өлчөмдөрү

аныкталуусу маанилүү, алар окуучуларга алдыга максаттарды коюуну жана өзүнүн окуусун пландаштырууну үйрөнүүсү үчүн эмне жана кандайча бааланары тууурасында ачык түшүнүгүн калыптандырууга жардам берет.

- ***Окуучунун портфолиосу*** *(калыптандыруучу баалоонун куралы катары).* Портфолио окуучунун окуунун траекториясы боюнча жылуусун баалоого, окуу ишинин динамикасын жана интенсивдүүлүгүн, окутуунун натыйжаларын көрсөтүүнүн сапатын көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет. Портфолио окуучуга төмөнкү иштерди аткарууга жардам берет: өзүнө максат коюуга жана ага жетишүүнү пландаштырууга; тандоо жасоого (портфолиодо көрсөтүү үчүн кандай материалдарды тандоо керек); өзүнүн билимин белгилөөгө жана өзүн өзү баалоого; өзүнүн индивидуалдуулугун ачууга.
- ***Долбоорлоо*** *(калыптандыруучу баалоонун куралы катары).* Долбоордук иш татаал социалдык дилеммаларга жана казустарга карата окуучунун инсандык тандоосуна, актуалдуу маселелер боюнча жигердүү социалдык позициясын иштеп чыгууга, долбоорлорду чечмелөөдө, сүрөттөөдө, мүмкүн болгон чечимдерди иштеп чыгууда, окуучуларды продуктивдүү социалдык ишмердүүлүккө кызыктырууда өз алдынчалык жана чыгармачылык көргөзүүгө өбөлгө түзөт.
- ***Теориялык изилдөө*** *(алдын алуу жана калыптандыруучу баалоонун куралы катары).* Окуучулардын теориялык окууну изилдөөсүнө, чыгармачылык менен кайра иштеп чыгуусуна жана натыйжаларын эссе, реферат, доклад, презентация түрүндө көрсөтүүсүнө байланыштуу өз алдынча иши. Маалымат менен иштөө, автордук маалыматтык өнүм жаратуу, көпчүлүктүн алдына чыгып сүйлөө, далилдөө жана өз оюн билдирүү көндүмдөрүнүн өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.
- ***Педагогикалык тестирлөө*** *(алдын алуу, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу баалоонун куралы катары).* Окуучулардын жетишкендиктерин педагогикалык тесттерди колдонууга негизделген түрү болуп саналат.

«Адам жана коом» предмети боюнча баалоо системасы төмөнкү предметтик компетенциялардын калыптангандыгынын акыркы деңгээлин объективдүү аныктоого багытталган:

- Репродуктивдүү (I деңгээл) – окуучулар үлгүнү кайталай алуусу (иштерди аткаруунун аныкталган алгоритмине).
- Продуктивдүү (II деңгээл) – курамы боюнча жөнөкөй ишти аткаруу, башка жагдайда өздөштүргөн иштердин алгоритмин колдонуу жөндөмү.
- Чыгармачыл (III деңгээл) – татаал иштерди аны өз алдынча долбоорлоо жана негиздөө менен аткаруу.

Ошол эле учурда окуучулардын инсандык натыйжалары жыйынтык баалоого жатпайт жана окуучунун мүнөздөмөсүндө жазылат (зарылчылык боюнча).

## Контролдун формалары жана каражаттары

Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо үчүн төмөнкүлөр пландаштырылган: тесттер түрүндө аралык жана жыйынтык контролдук иштер; өз алдынча жана практикалык иштер.

- Жекече оозеки, фронталдык сурамжылоо.
- Өз ара текшерүү.
- Өз алдынча контролдоо.

- Тапшырмалардын ар кандай түрлөрү (ылайыктуулукка, жоопту тандоо менен, түшүнүктүн маанисин ачуу жана аны берилген контекстте колдонуу; теориялык жоболорду конкреттөөгө тапшырмалар).
- Иштердин текстти тандоого байланыштуу түрлөрү (суроолорго жооптор, сөздөрдү ордуна коюу, планды салыштыруу).
- Тестирлөө.
- Эссе жазуу; кластер, синквейн түзүү.
- Презентация түзүү.

## ОКУУЧУЛАРДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН АР ТҮРДҮҮ ТҮРЛӨРҮ БОЮНЧА БААЛООНУН ЧЕН-ӨЛЧӨМДӨРҮ

### 1. Окуучулардын оозеки жоопторун баалоонун чен - өлчөмдөрү

**«5» деген баа коюлат, эгер окуучу:**

- окуу материалын ырааттуу, так, байланыштырып, негиздүү жана туура айтып берсе;
- жоопторду кабыл алынган терминологияны колдонуу менен логикалык ыраатта берсе;
- жеке корутундуларын жасаса;
- предметтер аралык (буга чейин алынган билимдердин негизинде) жана предметтин ичиндеги байланыштарды аныктайт, бейтааныш жагдайларда алынган билимин чыгармачылык менен колдонсо.

**«4» деген баа коюлат, эгер окуучу:**

- окулган теориянын негизинде жообу толук жана туура болсо;
- материалды аныкталган логикалык ыраатта баяндаса, бирок ошол эле учурда эки-үч олуттуу эмес каталарды кетирсе, алар мугалимдин талабы боюнча оңдолсо;
- маалымдама адабият, китеп, негизги маалымат булагы менен иштөө ыкмасын жетиштүү өздөштүрбөсө (багыты туура, бирок жай иштейт).

**«3» деген баа коюлат, эгер окуучу:**

- окуу материалынын негизги мазмунун өздөштүрсө;
- жоопторунда программалык материалды андан ары өздөштүрүүгө жолтоо болбогон кемчиликтери бар болсо;
- материалды фрагменттер менен, ыраатсыз баяндаса.

**«2» деген баа коюлат, эгер окуучу:**

- жоопто окуу материалынын негизги мазмунун түшүнбөгөндүгү аныкталса;
- же окуучу мугалимдин багытоочу суроолору менен да олуттуу каталарды кетирсе.

## 2. Окуучулардын жазуу түрүндөгү жоопторун баалоонун чен - өлчөмдөрү

**«5» деген баа коюлат, эгер окуучу:**
- жазуу ишин катасыз аткарса жана/же бирден ашык эмес кемчилик кетирсе;
- жазуу кебинин маданиятын, жазуу иштерин тариздөөнүн эрежелерин сактаса;
- маселени ачууда өзүнүн жеке көз карашын берсе.

**«4» деген баа коюлат, эгер окуучу:**
- жазуу ишин толугу менен аткарса, бирок анда бирден ашпаган одоно эмес ката жана бир жана/же экиден ашык эмес кемчилик кетирсе;
- жазуу кебинин маданияты, жазуу иштерин тариздөөнүн эрежелери сакталса, бирок жазууларды жүргүзүүдө бир аз оңдоолор болсо.

**«3» деген баа коюлат, эгер окуучу:**
- иштин жарымынан азыраагын туура аткарса;
- жазуу ишинде көтөрүлгөн көйгөй боюнча жеке позициясы турмуштук деңгээлде, далилсиз жазылса.

**«2» деген баа коюлат, эгер окуучу:**
- жазуу ишинин жарымынан азыраагын туура аткарса;
- маселе ачылбаса же маалымат тапшырманын контекстинде эмес (коомдук жашоонун же жеке тажрыйбанын фактылары) берилсе;
- жазуу кебинин маданиятынын, жазуу иштерин тариздөөнүн негизги ченемдери олуттуу түрдө сактабаса.

## 2. Окуучулардын практикалык ишти аткарууда жоопторун баалоонун чен - өлчөмдөрү

**«5» деген баа коюлат, эгер окуучу:**
- практикалык иш толук өлчөмдө жана зарыл ырааттуулукту сактоо менен аткарылса;
- толугу менен өз алдынча иштесе;
- сунушталган ишти аткаруу үчүн зарыл болгон маалымат булактарын тандаса;
- практикалык ишти жүргүзүү үчүн зарыл болгон теориялык билимди, практикалык билгичтиктерди жана көндүмдөрдү көрсөтсө.

**«4» деген баа коюлат, эгер окуучу:**
- практикалык же өз алдынча ишти толук өлчөмдө жана өз алдынча аткарса;

- акыркы жыйынтыктын тууралыгына таасирин тийгизбеген, ишти аткаруунун зарыл ыраатынан четтөөгө жол берилсе (айрым аймактарды же өлкөлөрдү ж.б. мүнөздөөдө типтик пландын пункттарын алмаштыруу);
- мугалим көрсөткөн билим булактарын колдонсо;
- иш негизги теориялык материалды билүүсүн жана ишти өз алдынча аткаруу үчүн зарыл көндүмдөрдү өздөштүрүүсүн көрсөтсө;
- иштин жыйынтыктарын тариздөөдө так эместиктер жана бир аз этиятсыздык болсо.

**«3» деген баа коюлат, эгер окуучу:**

- практикалык иш мугалимдин же жакшы даярданган жана бул ишти "мыкты" аткарган окуучулардын жардамы менен аткарылса жана тариздетсе;
- ишти аткарууга көп убакыт сарпталса (ишти үйдөн бүтүрүүгө мүмкүндүк берүүгө болот).
- теориялык материалды билсе, бирок өз алдынча ишти аткарууда кыйналса.

**«2» деген баа коюлат, эгер окуучу:**

- ишти аткарууга даяр эмес болсо;
- алынган жыйынтыктар туура корутунду жасоого мүмкүндүк бербесе жана коюлган максат менен толугу менен дал келбесе;
- теориялык материалды начар билсе жана зарыл көндүмдөрү жок болсо;
- мугалим жана жакшы даярданган окуучулар тарабынан жетекчилик жана жардам натыйжасын бербесе.

**«Адам жана коом» предмети боюнча баа берүүнүн ченемдери**

| **Чен-өлчөмдөр**[1] | **5 (мыкты)** | **4 (жакшы)** | **3 (канааттан-к)** | **2 (канааттан-к эмес)** |
|---|---|---|---|---|
| 1. Жоопту уюштуруу (киришүү, негизги бөлүк, корутунду) | Жооптун туура түзүлүшүн ийгиликтүү колдонуу (киришүү, негизги бөлүк, корутунду). Теманы аныктоо, ораторлук искусство. | Жооптун түзүлүшүн колдонуу, бирок кээде ийгиликсиз. Жоопту берүүдө токтоп калат, сүйлөмдөрү кээде туура эмес түзүлөт, сөздөр кайталанат. | Жооптун айрым элементтери жок; теманы ийгиликсиз аныктайт же багыт берүүчү суроолордон кийин аныктайт. Баяндамасы чаржайыт, сүйлөмдөрү жана фразалары толук | Киришүү бөлүгүн жана корутундуларды туура эмес түзүү. Мугалимдин жардамы менен да аныктай албайт, баяндамасы өзүнчө |

[1] Баалоо чен-өлчөмдөрү Квалификацияны жогорулатуунун федералдык академиясынын доценти, тарых илимдеринин кандидаты Андрей Наумович Иоффенин «Коом таануудагы баалоо маселелери» макаласынан алынган.

| Чен-өлчөмдөр[1] | 5 (мыкты) | 4 (жакшы) | 3 (канааттан-к) | 2 (канааттан-к эмес) |
|---|---|---|---|---|
| | | | эмес, дайыма мугалимдин жардамына муктаж. | фрагменттерге же фразаларга бөлүнөт. |
| 2. Талдоо жүргүзүүнү жана корутунду жасоону билүү | Корутундулар негизги фактыларга таялат жана негиздүү болуп саналат. Фактыларды сабаттуулук менен салыштыруу, өзөктүү маселени жана анын элементтерин түшүнүү. | Айрым маанилүү фактылар айтылбаганы менен корутундулар туура. Фактылар кээде туура эмес салыштырылат жана алардын айрым бөлүгүнүн маселеге тиешеси жок, өзөктүү маселе бөлүнүп каралат, бирок айрым учурларда аны терең түшүнүү жок. Айрым суроолор туура эмес, кээ бир карама-каршылыктар бөлүнгөн эмес. | Маанилүү фактылар айтылбайт жана көптөгөн корутундулар туура эмес. Фактылар кээде гана салыштырылат, алардын көпчүлүгү маселеге тиешелүү эмес. Өзөктүү маселени бөлүп көрсөтүүдөгү катачылыктар; Суроолор туура эмес жана мугалимдин жардамы менен гана берилет, карама-каршылыктар бөлүнүп көрсөтүлбөйт. | Көбүнчө маанилүү фактылар жок, корутундулар жасалбайт. Фактылар каралган көйгөйгө ылайык келбейт; аларды салыштыруу жок. Өзөктүү маселени бөлүп көрсөтө албоо, мугалимдин жардамы менен да суроо бере албоо, карама-каршылыктарды түшүнүү жок. |
| 3. Өз ойлорунун иллюстрациясы | Теориялык жоболор тийиштүү фактылар менен ырасталат. | Теориялык жоболор кээде тийиштүү фактылар менен ырасталбайт. | Теориялык жоболор жана алардын факт менен ырасталышы бири-бирине шайкеш келбейт. | Теориялык жана практикалык материал аралашкан, алардын ортосунда шайкештик жок. |
| 4. Нагыз материалды колдонуудагы илимий тууралык, тактык | Нагыз каталар жок, деталдар олуттуу, олуттуу эмес деп бөлүнөт, чындыкка окшош, жалган, талаш, күмөн деп аныкталат, фактылар пикирлерден бөлүнүп каралат. | Деталдарда же айрым фактыларда катачылыктар кездешет. Деталдар кээде талданбайт, фактылар пикирлерден бөлүнүп каралат. | Бир катар өзөктүү фактыларда жана дээрлик бардык деталдарда каталар кетирилет, деталдар келтирилет, бирок талданбайт. Фактылар пикирлерден бөлүнүп каралбайт, бирок окуучу алардын | Фактыларды жана деталдарды билбегендик, мугалимдин жардамы менен да деталдарды талдоону билбестик. Фактылар жана пикирлер аралашкан жана алардын |

| Чен-өлчөмдөр[1] | 5 (мыкты) | 4 (жакшы) | 3 (канааттан-к) | 2 (канааттан-к эмес) |
|---|---|---|---|---|
| | | | ортосундагы айырманы түшүнөт. | айырмасы тууралуу түшүнүк жок. |
| 5. Негизги түшүнүктөр менен иштөө | Бардык түшүнүктөр бөлүнүп көрсөтүлөт жана эң маанилүүлөрү аныкталат. Аныктоолор так жана толук, сүрөттөөлөр туура жана түшүнүктүү. | Маанилүү түшүнүктөр бөлүнүп көрсөтүлөт, бирок айрымдары айтылбай калат. Аныктоолор так, бирок кээде толук эмес, сүрөттөө туура жана жеткиликтүү. | Маанилүү жана кошумча түшүнүктөргө бөлүү жок. Аныктоолор жасалат, бирок кээде так жана туура эмес; сүрөттөө көп учурда туура эмес же түшүнүксүз. | Түшүнүктү бөлүп көрсөтө албагандык, түшүнүктөрдүн аныктамасы жок. Сүрөттөй албайт же өзүнүн сүрөттөсүн түшүнбөйт. |
| 6. Себеп-натыйжалаш байланыштар | Жекеден жалпыга же жалпыдан жекеге өтүүнү билүү. Так ыраттуулук. | Себеп-натыйжалаш байланыштарды жартылай бузуу. Бир аз логикалык катачылыктар. | Себеп-натыйжалаш байланыштар чанда түзүлөт. Ырааттуулуктагы көп катачылыктар. | Багыттоочу суроолор менен да себеп-натыйжалаш байланыштарды түзө албайт, ырааттуулук дайыма туура эмес. |

## НЕГИЗГИ АДАБИЯТТАР


1. **Ченемдик документтер:** КР Конституциясы, Баланын укуктары жөнүндө декларация, Баланын укуктары жөнүндө Конвенция.
2. Жарандык жана башкарууга катышуу – XXI кылымдын жарандык коомунда сиздин ролуңуз. Орто мектептер үчүн окуу/көрсөтмө куралы Кырг. Респ. 10-11 кл. – Бишкек, МФИС, 2013.
3. Жарандык жана башкарууга катышуу. Орто мектептер үчүн окуу/көрсөтмө куралы Кырг. Респ. 10-11 кл. – Бишкек, МФИС, 2004.
4. Жарандыкты таануу. Мугалимдер үчүн ресурстук китеп. Бишкек, 2014
5. Куликов Л. М.  Экономикалык билимдердин негиздери: Окуу китеби. – М.: Каржы жана статистика, 1998 ж.
6. "Каржылык көзкарандысыздыктын ачкычы". Мугалимдер үчүн методикалык китеп. Бишкек, 2016
7. "Каржылык көзкарандысыздыктын ачкычы". 10-11-класстын окуучулары үчүн окуу китеби. – Бишкек, 2016.
8. "Каржылык көзкарандысыздыктын ачкычы". Жумушчу дептер/түзүүчү И.В. Маслова. – Бишкек, 2016.
9. Инсан жана укук. 9-класстар үчүн окуу китеби. Алишева А.Р.  – Бишкек, 1998-ж.
10. КР жалпы билим берүү уюмдары үчүн "Адам жана коом" курсу боюнча предметтик стандарт.  (10-11-кл). – Бишкек, 2015.
11. Саясий Кыргызстан. Окуу китеби. Бишкек. 2001-ж.
12. «Кирешелерди башкаруу жана үнөмдөө жаштар үчүн»**.** 8-11-класстарда каржылык сабаттуулук боюнча сабактарды өткөрүү үчүн методикалык сунуш-көрсөтмөлөр. КРУБ – Бишкек, 2016.
13. Кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгүнүн башатында. Бишкек. 1998.
14. Адам мамлекетте: Жалпы билим берүүчү орто мектептердин 10-класстары үчүн окуу китеби/ Алишева А.Р. ж.б.– Бишкек, 2000.
15. Экономика JA. Тиркеме. Кыргыз Республикасы: Жогорку класстардын окуучулары үчүн окуу китеби – Б.: 2003.


## КОШУМЧА АДАБИЯТТАР


1. Боголюбов Л.Н., Городецкая Н.И. ж.б. Коом таануу. Жалпы билим берүү мекемелеринин 10-классы үчүн китеп: базалык деңгээл – М.: Просвещение, 2009-ж.
2. Боголюбов Л.Н. «Коом таануу» мугалим үчүн колдонмо, 10-класс. Методикалык сунуш-көрсөтмөлөр. Мугалим үчүн колдонмо. – М.: Просвещение, 2007-ж.
3. Боголюбов Л.Н., Городецкая Н.И. ж.б. Коом таануу. Жалпы билим берүү мекемелеринин 11-классы үчүн китеп: базалык деңгээл – М.: Просвещение, 2009-ж.
4. Дүйнө жана Россия: ой жүгүртүү жана дискуссиялар үчүн материалдар. Автордук жамаат: В.С. Автономов, А.П. Кузнецов, А.А. Мицкевич, Т.П. Субботина, К.А. Шерам. В.С. Автономова жана Т.П. Субботина редакциясы алдындагы окуу куралы. СПб.: Экономикалык мектеп, 1999/
5. Коом таануу. 9-класс: жалпы билим берүү мекемелери үчүн китеп / Л. Н. Боголюбов [ж.б.]; Л. Н. Боголюбова, А. И. Матвеева редакциясы алдында; Россия илимдер академиясы, Россиялык билим берүү академиясы – М.: Просвещение, 2010